4 Чакан насыянын үстөгү эмне мынча жогору?



9 Жамааттардын бар болгону Кудай Тааламдын берекеси




# САРЕСЕП

saresep.kg

16-июнь, 2016-жыл
№23 (56)
Калыс көз караш!


# Евросоюз лаборатория куруп берүүгө даяр



5-бетте



Хавсанур Фатих госпиталында укту

2-бетте



Бала дүйнөсүнө олуттуу мамиле кылуу

8-бетте



Атагы таш жарган “Бөрүлү”

11-бетте




# Орусиядагы мигранттардын кирешеси төрт эсе азайды

Борбордук банктын эсеби боюнча, 2016-жылдын биринчи кварталында Орусиядан КМШ өлкөлөрүнө жеке адамдар 914 млн. доллар которушкан. Кризиске чейинки 2014-жылдын биринчи кварталында бул сумма 3,3 млрд. доллар болчу. Бул тууралуу CA-News порталы жазып чыкты.

Мында доллар курсунун рублга карата эки эсе өскөнүн, мигранттар рубль менен айлык алышарын эске алуу керек.

Эл аралык валюта фондунун божомолуна ылайык, эмгек мигранттары которгон акча чоң роль ойногондуктан, 2016-жылы Борбор Азия өлкөлөрүндөгү жылдык экономикалык өсүү 1,2% гана болот. Бул акыркы 20 жылдагы эң төмөнкү көрсөткүч.

Акча которуунун кыскарышы боюнча иреде Өзбекстан турат. Экинчиде Кыргызстан. Өлкөгө алгачкы үч айда 150 млн. доллар которулган. Бул эки жыл мурдагыдан 2,6 эсеге аз. Бул Кыргызстан Евразия экономикалык биримдикке киргенине байланыштуу болушу мүмкүн. Анткени, эмгек патенттерин алуу кымбатка турат деп жазат портал.





# Хавсанур Фатих госпиталында укту

Май айында "Элим барсыңбы" кайрымдуулук фонду уюштурган "Хавсанур жакында апасынын үнүн угат" аттуу кайрымдуулук концерти болуп өткөнү жалпыбыздын эсибизде болгон чыгар. Концерт Бишкек шаарындагы Кожомкул Кааба уулу атындагы спорт сарайында болуп өткөн. Кайрымдуулук концерти эң жогорку деңгээлде өтүп, спорт ордосунун ичи элге жык толгон. Концертке катышканы келген ар бир жылдызга "Жылдыздар – учурдун дарыгерлери" аттуу медал тапшырылган эле.

Концертти өткөрүүнүн максаты – тубаса кулагы укпаган Хавсанурга операция жасатуу болчу. Түшкөн каражатка Түркиянын Фатих университетинин ооруканасында операция жасалды. "Элим барсыңбы" фонду менен тыгыз байланышта иштеп келе жаткан Фатих госпиталы 40000 АКШ долларына жасалчу операцияны кайрымдуулук ниетинде 17000 долларга жасап берди. Хавсанур Стамбул шаарында атаэнеси менен бирге эки жумадай болуп, угуусу үчүн кулагынын ичине 15000 долларлык атайын аппарат коюлду. Операция ийгиликтүү өтүп, Хавсанур биринчи жолу сүйүктүү ата-энесинин үнүн уга алды. Сүйүнүчү коюнуна батпаган ата-эне кичинекей кызынын тагдырына кайдыгер карабаган жылдыздарыбызга, жалпы кыргыз элине жана Фатих университетинин ооруканасынын жалпы жамаатына терең ыраазычылык билдирип турган кези.

# Аңчылыкка убактылуу тыюу сунушталууда

Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарба агенттиги өлкөдө жапайы айбанаттарга мергенчилик кылууга убактылуу тыюу салууну сунуштоодо.

Агенттиктин жетекчиси Абдыкалык Курманов билдиргендей, мындай чара жапайы жаныбарларды сактап калуу жана аларды көбөйтүү максатында киргизилүүдө.

Мыйзам долбоорунда 2017-жылдан тарта өлкө аймактарында аңчылык зоналарына кезек-кезеги менен тыюу салуу каралууда. Ага ылайык, 2017-жылдан 2019-жылга чейин Баткен, Чүй жана Ысык-Көл облустарында, 2020-2022-жылдарга чейин Нарын, Ош облустарында, 2023-2025-жылдарда Жалал-Абад, Талас облустарында мергенчиликке тыюу салуу каралган.

Курманов өлкөнүн бардык аймактарында бир учурда аңчылыкка тыюу салууга мүмкүнчүлүк жок экенин билдирди.

Буга чейин парламенттин айрым депутаттары 2030-жылга чейин чөөлөр менен карышкырлардан тышкары, бардык жапайы айбанаттарга мергенчилик кылууга тыюу салууну сунуштагандыгы белгилүү.



# Бишкекте карыларга камкордук көрүү акциясы өтөт

15-майда Бишкек-Парк эс алуу борборунда кадырман карыларга көңүл буруума багытталган акция өттү. Ишчара "Чоң ата, чоң энелерге көбүрөк сүйүү, көңүл жана камкордук" деп аталат жана 15-июнь карыларга жасалган начар мамилелер тууралуу маалымат таратуунун эл аралык күнүнө карата уюштурулган. Анда улгайган адамдар өздөрүнө жакшы жашоо укугун камсыздоого чакырышат.

Карылардын жашоосунун сапаты жагынан былтыр Кыргызстан Help Age International Global Age Watch Index 2015 изилдөөсүнүн жыйынтыгында 96 мамлекеттин арасынан 51-орунду ээлеген. Өлкөдө орточо пенсия 4,6 миң сомду түзөт. КМШ ичинде бул эң төмөн көрсөткүчтөрдүн бири. Социалдык өнүктүрүү министрлигинин маалыматы боюнча, Кыргызстанда пенсия алган кары адамдардын саны 408 миндин тегерегинде.



# 32 китептин бет ачары өттү

КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия тарабынан чыгарылган 32 китептин бет ачар аземи бүгүн 10-июнда А.Осмонов атындагы КР Улуттук китепканасында өткөрүлдү.

Иш чараны ачуу үчүн сөз сүйлөгөн Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Э.Эрматов "Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасына ылайык "Азыркы адабият", "Дүйнөлүк адабият" жана "Дүбүрт" серияларынын алкагында жана "Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясынын" негизинде чыгарылган китептер тууралуу кыскача маалымат берип өттү.

Китептердин ачылыш аземине катышып, сөз сүйлөгөн КР Жогорку Кеңешинин лингвистикалык экспертиза бөлүмүнүн башчысы А. Султанбаев, КР Билим берүү жана илим министрлигинин Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы Э.Аттокуров, КР Маданият, маалымат жана туризм министринин кеңешчиси М.Самыйкожо, КР Улуттук Жазуучулар союзунун төрагасынын орун басары Т.Нурмамбетов жана башкалар чыгарылып жаткан китептердин баалуулугу, учурдагы актуалдуулугу, мааниси тууралуу кеп козгошту. Ал эми "Азыркы адабият" сериясынын алкагында жарык көргөн китептердин авторлору Кыргыз эл жазуучусу М.Абакиров, С.Акматбекова жана Т.Мамеевдер китептерин чыгаруу менен бирге, көп жылдан бери унутта калган калем акыны жандардырып, акын-жазуучуларга дем бергендиги үчүн Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссияга ыраазычылыгын билдирди. Иш чара "Дүбүрт" сериясынын китептери жарык көргөн жаш калемгерлердин ыр окуусу менен аяктады.



Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров,

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 7000**
**Буйрутма № 1386**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Кремлдин кароолчуларынын көрсөтмөсү



**Учурда чет элдик адамдардын Кыргызстандагы ЖМКнын 20 пайыздан ашык акциясына ээлик кылуусуна уруксат бербөө маселеси Жогорку Кеңеште каралууда. Ошол эле маалда Орусиялык маалымат каражаттарына бул мыйзам тиешелүү эмес деген да кабар айтылып жатат. Ушундан улам "Деги эле бул боюнча кандай ойлойсуз? Аталган маселени көтөрүп чыгуу канчалык деңгээлде туура?" деген суроо менен** экс-депутат Равшан Жээнбековго **кайрылдык.**

– Мындай тажрыйба көптөгөн мамлекеттерде бар. Эгерде биздин мамлекеттин өлкө жетекчилери кандайдыр бир тандалма эмес, бардык чет элдик массалык маалымат каражаттарына ушул мыйзамды ченей турган болсо, анда туура болот. Эгерде бул мыйзам кабыл алына турган болсо анда Кремлдин маалымат сайттарын Кыргызстанда жабышка туура келет. Мисалы, ОРТ, РТР, НТВ, Спутник, Вестиге окшогон бардык маалымат каражаттарын жапсын. Анан ошону менен бирге Азаттык, Би-Би-Сини да жабууга туура келет. Эгерде аларды калтырып, Азаттык менен Би-Би-Сини жапканга аракет кылып жатышса, анда бул мамлекеттүүлүккө, демократияга туура келбеген көрүнүш. Жогорку Кеңеште депутаттар ар кайсы маселени көтөрө берсе болот. Кандай маселе көтөрсө да алардын укугу. Бирок мамлекет бул маселени колдойбу, же колдобойбу деген суроо туулат. Эгерде мамлекет колдой турган болсо, анда бир стандартты баарына талап кылабы же болбосо тандалма гана жол менен тандалма ЖМКларды жабабы? Маселенин баары ошого байланыштуу. Менин байкашымча, бүгүнкү күнү Кремлдин ЖМКларын өлкөбүздө калтыра берүү аракети бар. Ал эми Орусиядан башка мамлекеттердики, Азаттыкты, Би-Би-Сини жабуу аракеттери көрүлүүдө. Кыргызстанда бүгүнкү күнү маанилүү, коомго жеткиликтүү маалымат берген, альтернативдүү, обьективдүү маалымат берген көрүнүктүү эки жалпыга маалымдоо каражаты бар. Алар кээ бир убакта бийликке жакпаган, Кремлге жакпаган маалыматтарды коомго таратууда. Бул эки багытта, биринчиси биздин бийлик, экинчиси Кремлдин Кыргызстандагы кароолчуларынын көрсөтмөсү менен жасалгандык болуп эсептелинет.

# Айыл өкмөттөр менен вотсапта байланышсын



**Акыркы тапта Айыл-чарба жана мелиорация министрлигинин ишмердүүлүгү ар кыл сынга кабылып, министрликти жоюу маселеси бир нече жолу көтөрүлдү. Демилгени көтөрүп чыккандар министрликте 5500 адам иштеп, бүтжеттен 5 млрд. 620 млн. сом бөлүнөт, бирок кылган ишинин дайыны жок дешүүдө. Натыйжада,** Бириккен кыргыз күнөсканалар ассоциациясынын негиздөөчүсү Сыргак Токталиевге **"Министрликти жоюу туурабы? Министрликтин негизги милдети кандай? Дыйкандарга кандай колдоо көрсөтө алат жана көрсөтүшү керек эле?" деген суроо менен кайрылып төмөндөгүдөй жооп алдык:**

– Мамлекеттик айыл-чарба секторун көрүп эле министрлик канчалык деңгээлде иштеп жатканын билсек болот. Ушул убакка чейин министрликтин дыйкандарга кандайдыр бир жардам көрсөтүп атканын көрө элекпиз. Анын бары-жогу деле билинбей калды. Жөн эле сырттан келген донорлордун акчаларына семинарларга катышымыш болуп, жоболордун үстүнөн иштемиш болуп жүрөт. Мындай иштебеген оргaндын эмне кереги бар? Ансыз деле бүтжетибиз таңкыстыкта турат. 5500 адам иштеген министрликтин ишин ЖИА бизнес ассоциациясынын агрокомитети эле жасап койгудай. Министрликти жойбой, реформа кылса деле болот. Анүчүн кадрлар орду-түбү менен алмашышы керек.

Министрликтин эң негизги милдети статистика жүргүзүп, аналитика кылуу болчу. Былтыркы менен быйылкы абалды карасак, алдын-ала болжол жок болгондуктан, элдин баары картөшкө, пияз айдап, түшүмдүүлүк 70 пайызга өсүптүр. Бирок анча өскөнү менен сата келгенде ит бекер арзан болду. Божомолду оңой эле жүргүзүп койсо болот. Маселен, айыл өкмөттөр менен интернет аркылуу жазышып турушу керек. Анткени ар бир айыл өкмөт өз аймагын билет. Ошентип эле статистика чыгарса болот. Мисалы баланча гектар жүгөрү, баланча гектар беде айдалды. Демек, мынчасы өзүбүздү камсыздаса, калган бөлүгү сыртка чыгат. Дыйкан болсо ошого жараша экмек. Алдын алуучу божомол, статистика, аналитика дегенден эч нерсе жок. Мындай статистиканы 3 эле бала жасап коёт. Жүздөгөн кишинин кереги жок.

# Мага 100 күн убакыт бергиле



**Мурунку Ички иштер министри Мелис Турганбаев кетип, анын ордуна келген Кашкар Жунушалиевге "Жакынкы арада кандай өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизгени жатасыздар? Калктын укук коргоо органдарына ишенбөөчүлүгүн жоюу үчүн кандай иш-аракеттерди кыласыздар?" деп кайрылып төмөнкүдөй жооп алдык.**

– Ушул убакка чейин Ички иштер министрлиги коомдук тартипти жана жарандардын коопсуздугун сактоодо бир топ иш кылып келген. Бүгүнкү күндө да милиция кызматкерлеринин алдыга койгон максаты эң биринчи кезекте элдин коопсуздугун тиешелүү деңгээлде камсыз кылуу болот. Ошондой эле азыркы учурда бизге жетпей жаткан элдин ишеними керек болууда. Ошол себептен биз өзүбүздүн ишибизди жаңы программа түзүү менен баштаганы жатабыз. Ал программада алдыга койгон максаттар 5 багыт менен кетет. Биринчи багыт бул коомдук коопсуздукту камсыз кылуу, кылмыштуулук менен күрөшүү жана терроризмдин алдын алуу болуп эсептелинет. 2-багыт – реформа жүргүзүүнү улантуу. 3-багыт – милициянын кесипкөй жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу. 4-багыт – "Коопсуз шаар" долбоорун ишке ашыруу. 5-багыт – бул элдин ишенимине ээ болуу. Жакынкы аралыкта өлкө башчыларынын саммити өтү. Ал самитке 3 миңден ашык кызматкер катышып, коомдук тартипти жана жол коопсуздугун сактап, эч кандай мыйзам бузуу болтурбай өз иштерин так аткарышты. Мындан башка алдыда дагы 2 саммит бар. Бул мамлекет башчыларынын жана түрк мамлекеттеринин саммити. Мындан сырткары, алдыдагы келе жаткан майрамдардын коопсуздугун сактоодо атайын багыттагы спорттук иштер өтөт. Коопсуздукту камсыз кылууда, жол тартибин сактоодо ар бир кызматкердин алдына керектүү иштер коюлуп жатат. Ошондой эле иш болгон жерде кемчилик болот эмеспи. Биз элдин ишениминe кириш үчүн болгон күч-аракеттерди жумшайбыз. Милиция кызматкерлерин жөнгө салабыз. Мага 100 күн убакыт бергиле. Ушул мөөнөттүн ичинде жалпы милициядагы өзгөрүүнү колго алам. Ал эми журналисттер, силер милициянын кемчилигин азыраак жазып, жетишкен жактарын көбүрөөк жазгыла. Анткени жакшы сөз дем-күч болот.

# Челябинск-Тамчы аба каттамынын ачылуусу күтүлүүдө



**Жылына Кыргызстанга 3 млн.го чукул турист каттап, 300 млн. доллар калтырып кетет. Бул жалпы Ички дүң өндүрүмдүн (ИДӨ) көлөмүнүн 4,5 бөлүгүн ээлейт. Серепчилер быйылкы жылы туристтердин каттамы мурдагы жылдардан жогору болуусун божомолдошот. Анткени 2016-жыл тарых жана маданият жылы деп жарыяланып, бир канча иш-чаралар, маарекелер өткөрүлгөнү турат. Натыйжада,** министрликтин астындагы туризм департаментинин директору Азамат Жаманкуловго **кайрылып жайкы сезонго даярдыктар кандай жүрүп жатканына кызыгып көрдүк.**

– Жайкы туризм мезгилине даярдыктар катуу жүрүүдө. Бул жылы Орусиянын жарандарын тартууга мүмкүнчүлүктөр зор. Жакында эле Челябинск-Бишкек аба каттамы ачылды. 15-июлдан тарта Челябинск-Тамчы аба каттамы да ачылуусу мүмкүн. Эгер бул каттам ачылса Орусиянын Сибирь тарабынан келүүчү туристтер толук камсыз болот. Ал эми автобус багыты боюнча азыркы учурда Томск, Омск жана Алматы шаарларына каттамдар башталды. Негизи Ысык-Көлдү туристтерге тандоо катары сунуу зарыл. Ошондуктан бир канча шаарлар, диаспоралар менен иштешип жатабыз. Тур операторлорду тартып, презентацияларды жибердик. Орустар Түркия менен Египетке барбай калды, баары Ысык-Көлдү эле карап калышты деп да жайбаракат калбаш керек. Ким жакшы шарттарды түзүп, өзүнө тартса ошол жакка кетет. Орус жарандарынын алдында бир топ тандоо бар. Биз бул мүмкүнчүлүктү пайдалана билүүбүз зарыл. Балыкчы-Корумду жолу Көчмөндөр оюнуна пландалгандай толугу менен курулуп бүтүшү кыйын. Азыркы учурда оңдолуп жаткан Тамчы-Чолпон-Ата бөлүгү бүтүш керек. Калганы кийинки планга калат деп ойлоп жатабыз.

Акыркы он жылда сырттан келген ири инвестиция жок болсо да, ички инвестициянын көлөмү чоңойду. 4 жылдыздуу мейманканалар тете эс алуучу жайлар салынды. Бирок курулган инфраструктуралар аз. Ысык-Көлдө чоң-чоң бренддик мейманканаларды салса болот. Себеби дүйнөдө курорттук аймактарды өнүктүрүү күч алды, аны менен туристтердин саны жылдан-жылга көбөйүп жатат. Биз дагы бул агымдан калбашыбыз керек.

# Чакан насыянын үстөгү эмне мынча жогору?

Чакан бизнести каржылоо менен бирге насыя берүү шарттарынын жеңилдетилгени тууралуу жарнама көп. Чакан карыздарга күрөө алынбай турганы жана насыя талабын кароо мөөнөтү кыскарганы айтылууда. Бул базарда банктык эмес каржы-насыя мекемелеринин көптүгүнө жана ага коммерциялык банктардын киргенине карабай, чакан насыялардын үстөгү жогору бойдон калууда

## Насыянын үстөгү эмнеден турат?

**Биринчиден, чакан каржылоо уюмдарына (ЧКУ) колу жука кардарлар кайрылат.** Алардын күрөөгө койчу эч нерсеси жок, мурун насыя алып кайтаргандыгын чагылдырган насыя тарыхы да жок. Алары бар болсо банкка эле кайрылышмак. Мындай насыячылардын көбү айыл тургундары болгондуктан, алардын материалдык абалын баамдоого бир топ чыгым кетет. Миңдеген АКШ долларлык бир нече насыяга караганда, көп чакан насыяны берүү кымбатка турат. Ошондуктан ЧКУлар банктардыкына караганда жогорураак үстөк албаса, айрыкча айылдарда насыя берүүсүн уланта албайт.

**Экинчиден, ЧКУлар банктар сыяктуу калктын арзан акчаларын тарта алышпайт.** Юридикалык жана физикалык жактардын каражаттары менен иштебегендиктен насыя берүүгө каражат табууда дайыма аксап келишет. «Кыргыз Республикасынын чакан каржылоо уюмдары жөнүндө» мыйзамына ылайык, алар жергиликтүү жана эл аралык каржы мекемелеринин каражаттарын гана колдоно алышат. Жергиликтүү коммерция банктары ЧКУлардын аттаандашы. Алар да дайыма кошумча каржылоо булактарын табууга кызыкдар. Насыялык бирикме (НБ) менен ЧКУлардын көбү 100 миң АКШ долларынан ашпаган кору бар болгондуктан эл аралык каржы уюмдары алар менен кызматташууга кызыкпайт. Учурда улуттук валютаны 14–16% үстөк менен берген «Фронтиерс» дүнүйөн чакан каржы кылган компаниясы гана ЧКУ менен НБларга карызга акча берип келүүдө.

**Үчүнчүдөн, коммерциялык банктарга караганда ЧКУларга адилетсиздик менен жогорураак салык салынганы.** «Үстөккө салыктын өлчөмү» мыйзамынын 108-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, каржы уюмуна берилген насыялардын жалпы суммасына карата 10% салык салуу каралган. Бирок ошол эле берененин 2-бөлүгүндө жогорудагы бүтүм резидент-банктарга колдонулбайт. Биздин Улуттук банктын лицензиясын алган банктын баары резидент болуп калат. ЧКУларга болсо Улуттук банк лицензия эмес, күбөлүк гана берет. Ошентип жергиликтүү же эл аралык каржы уюмдарынан насыя алган ЧКУлар берип жаткан суммадан 10% салыкты кармап калып, мамлекеттин бүтжетине которуусу керек.

## Эми санап чыгалы

Салык кодексинин 50-беренеси боюнча насыя берген булактын кирешесин төлөп берүү боюнча төмөнкү милдеттерди киргизген:

- эсептеп;
- кармап;
- бүтжетке которуу.

Эсептеп дегендик – салыкты үстөгүнө жараша эсептөө. Кармап дегендик – үстөк кирешесин төлөгөндө салыктын суммасын кармап калуу, б.а. насыя алуучуга кем берүү. Бүтжетке которуу дегендик – салыктык киреше катары кармалып калган сумманы бүтжетке дароо төлөп берүү.

Ошентип адатта ЧКУлар берип жаткан насыянын 25%дык үстөгүнүн эсеби төмөнкүдөй:

1) 10 % инвестордун үстөк кирешеси;
2) 1 % резидент болбогон инвестордун үстөк кирешеси;
3) 3,0 % Фронтиерстин үстөк кошумчасы;
4) 1,4 % Фронтиерстин үстөк кирешесинин салыгы;
5) 6 % КРдин Улуттук банкы койгон жылдык инфляциянын өлчөмү;
6) 3,6% чакан насыя компаниясынын насыяга коюлган үстөгү.

Демек: 25=10+1+3,0+1,4 +6+ 3,6

**ЧКУ менен НБлардын насыя папкеси**

| Мекеме | 31.12.2003 | 31.12.2004 | 31.12.2005 | 01.07.2006 |
|---|---|---|---|---|
| ЧКУлардын насыя папкеси, млн. сом | 434 | 785 | 1488 | 1718 |
| ЧКУ кардарларынын саны | 34,955 | 42,000 | 52,125 | 62,032 |
| НБлардын насыя папкеси, млн. сом | 289 | 449 | 580 | 638 |
| НБ кардарларынын саны | 19,134 | 21,650 | 22,375 | 22,863 |

АЙГҮЛ ОРДОКОВА «КРдин чакан каржылоосунун орто мөөнөттөгү стратегиясы» долбоорунун кеңешчиси

# ЭКОНОМИКС

Эгер базардын «көрүнбөс колу» ушунчалык эпчил болсо, өкмөттүн эмне кереги бар? «Көрүнбөс колдун» сыйкырдуу аракети өкмөт базар экономикасынын эрежелерин камсыздаганда гана ишке ашат. Базарлар жеке менчик укугу корголгондо гана иштей алат

*(уландысы)*

## Адам Смит жана базардын «көрүнбөгөн колу»

Адам Смиттин 1776-жылы жазылган көпчүлүккө таанымал «Табият тууралуу изилдөө жана элдердин байлыгынын себептери» аттуу китеби экономикалык теорияда жаңы чыйыр ачкан. Анда адамдар өкмөттүн «оор колу» болбосо жакшыраак экономикалык чечимдерди кабыл алат деген ой айткан. Бул саясий философия базар экономикасынын интеллектуалдык түркүгү болуп калган.

Бир борборго байланбаган базар экономикасы эмне себептен жакшыраак иштейт? Адамдар соода келишимдерин сүйүү жана боорукердиктен улам түзөбү? Эч андай эмес! Адам Смитт базар экономикасында алака кылган адамдарын төмөнкүчө чечмелеген.

«Адам тегерегиндеги инсандардын жардамына дайыма муктаж. Алар болсо аны менен дайыма ысык мамиледе болуусу кыйын. Ал өзүмчүлдүгүнөн улам талап кылып жаткан нерсе алардын да кызыкчылыгынын нугунда экенин далилдеп бере алса максатына тезирек жетет. Биз касапчы, навайчы жана ашпозчунун марттыгынан эмес, алардын өз кызыкчылыгын так ишке ашырганынан улам тұштөнүүдөбүз...

Ар бир адам адатта коомдук кызыкчылыгын көздөбөйт жана аткарган кызматы аларды камсыздоодо канчалык зарыл экенин сезбейт. Ал өзүнүн гана кызыкчылыгын көздөйт. Бирок башка жердегидей эле «көрүнбөгөн кол» аркылуу ниет кылбаган максатты көздөй багыттала берет. Анын өз кызыкчылыгын көздөгөнү коомго дайыма эле зыян алып келбейт. Өз кызыкчылыгын максат кылган адам көбүнесе коомго атайын кылгандан да жакшыраак пайда келтирет».

Биздин китепте Адам Смиттин бул оюталданып каралат. Базардын «көрүнбөс колунун» күчтүү жана алсыз тараптарына сереп салабыз.

## 7-принцип: Өкмөт кээде базардын иштешин жакшыртуусу мүмкүн

Эгер базардын «көрүнбөс колу» ушунчалык эпчил болсо, өкмөттүн эмне кереги бар? «Көрүнбөс колдун» сыйкырдуу аракети өкмөт базар экономикасынын эрежелерин камсыздаганда гана ишке ашат. Өкмөттүн зарылдыгынын негизги себептеринин бири ушул. Базарлар жеке менчиктин укугу корголгондо гана иштей алат. Дыйкандар айыл-чарба өндүрүмү уурдалбаганда аны өстүрөт. Тойканалар кардарлардын жеген тамагына төлөөсү кепилденгенде гана дасторкон жаят. Баарыбыз өкмөттөн чыгарган товар же кызматыбызга ээлигибиз сот системасы тарабынан корголуусун күтөбүз.

Буга «көрүнбөс кол» күчтүү, бирок бардык нерсеге алы келбейт десек да болот. Базар экономикасы ишкерликти натыйжалуу тескегени менен бул эреже бир катар шартта иштебей калат. Өкмөттүн кийлигишүүсү эки учурда жүйөлүү. Натыйжалуулукту камсыздоодо жана теңдикти сактоодо. Ачык айтканда, өкмөттүн иш-чараларынын негизги максаты же экономикалык бешбармакты көбөйтүү, же аны бөлүү ыкмасын өзгөртүү.

«Көрүнбөс кол» адатта мүмкүнчүлүктөрдү эң натыйжалуу бөлүп берүүдө шыпылдап иштейт, бирок кээде түрдүү себептерден улам бул кол шал тартып калат. Базардын өзүнөн-өзү ресурстарды натыйжалуу бөлүштүрө албай калган убактарына экономисттер **«базардын (фиаско) шалдаюусу»** деген терминди колдонушат. Базардын шалдаюусуна кээде сырткы эффектер себеп болот. **Сырткы эффектерге (экстерналия)** бир жактын башка тараптарга ордун толуктагыс таасири кирет. Айлана-чөйрөнүн кирдөөсү сырткы эффекттердин эң жөнөкөй мисалы. Базардын шалдаюусунун дагы бир себеби **рынокту бийлөө** маселесинен келип чыгат. Мында бир адамдын же чакан топтун базар бааларына чечүүчү таасир берүү мүмкүндүгү айтылат. Мисалы Ак-сай жайлоосунун күңгөй тарабында суу чыккан жалгыз скважина бар. Суу болсо баарына зарыл. Бул учурда кудуктун ээси базар бийлигине ээ, б. а. суу монополиясына ээ. Ал тараптардын бирдей кызыкчылыгын камсыздоону көзөмөлдөгөн «көрүнбөс кол» аймагынан сырткары болуп калат. Сырткы эффект же рынокту бийлөө мүмкүндүгү бар жерде жакшы багытталган мамлекеттик саясат экономикалык натыйжалуулукту бир топ жогорулатат.

**Базардын (фиаскосу) шалдаюусу** *– базар ресурстарды натыйжалуу таркатууну өз алдынча камсыздай албай калган учур.*

**Сырткы эффектер (экстерналия)** *– бир тараптын экинчи жакка ордун толуктаганга мүмкүн болбогон таасири.*

**Рынокту бийлөө** *– бир адамдын же чакан топтун базар бааларына күчтүү таасир бере алуусу.*

«Көрүнбөс кол» экономикалык ырыскыны адилеттүү бөлүштүрүүдө мындан да чабал келет. Базар экономикасы адамдарды башкалар акчаларын айныбай берчү товарларды өндүргөндүгү үчүн сыйлайт. Эң күчтүү футболчу шахматтын чемпионуна караганда көп акча табат, себеби шахматка караганда футбол көрүү үчүн көбүрөк адам акча бергенге даяр. «Көрүнбөс кол» коомдогу адамдардын баарына жетишерлик тамак-аш, кийим-кече берүүнү кепилдей албайт, бардыгын баш калкалоочу жай жана медициналык жардам менен камсыздай албайт. Өкмөттүн киреше салыгы жана социалдык камсыздоо системасы сыяктуу программаларынын көбү экономикалык ырыскыны адилеттүү бөлүштүрүүнү максаттайт.

Мамлекет рыноктук абалды жакшырта алат дегендик, ал дайым эле ушундай кыла алат дегендик эмес. Саясатты периштелер жүргүзбөйт, аны жүргүзгөндөрдүн инсандыгы толук деп айта албайсың. Өкмөттүн программалары көп учурда таасирдүү сасык саясатчылардын кызыкчылыгын гана көздөйт. Кээде бул программалар жакшы ниети бар, бирок маалыматы жетишсиз саясатчылар тарабынан иштелип чыгат. Экономикалык теорияны окуунун максаттарынын бири өкмөттүн ишмердүүлүгү кайсы учурда натыйжалуулук менен теңдикти, кайсы учурда башка максаттарды көздөп жатканын ажырата билүүгө багытталган.

*(уландысы бар)*

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун «Экономикс» китебинен

# Евросоюз лаборатория куруп берүүгө даяр

**Евросоюз Кыргызстанга 6000 товардын түрүн Европа базарына бажы төлөмүсүз сатууга артыкчылык макамын (Жалпы жеңилдиктер системасы + (ЖЖС)) берген. Өлкөбүз мындай жеңилдикке ээ болгонуна жарым жылдан ашты. Бирок азырынча кандайдыр бир жыйынтык чыгаруу оор. Анткени, жыйынтык тургай даярдыктардын жүрүшү дагы байкала элек**

Айрым серепчилер мындай темп менен кете берсек, бажы биримдигиндеги кейипти кийип калабызбы деп коркуп турушат. Анткени ЕАЭБге кирерде дагы элибиз чоң базарды элестетип илгери үмүттөнүшкөнү бар эле. Айрымдар аталган жеңилдикти ЕАЭБ менен салыштыруу мүмкүн эместигин эскертишип, анда экономикалык эмес, саясий чечимдер рол ойногонун айтышат.

## Инвестор агылып келе баштамак

**Жогорку Кеңештин Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитетинин төрагасынын орун басары Абдувахаб Нурбаевдин** айтымында, берилген жеңилдик Кыргыз экономикасын илгерилетүүчү жолдордун бирден-бири. Болгону жергиликтүү дыйкандар сапаттуу товар өндүрүүнүн, ал эми ишкерлер экспорттоонун жолун өздөштүрүүсү керек.



– Евросоюз бизге жарым млрд. эл жашаган сатып алуу жөндөмү жогору болгон базарга кирүүгө мүмкүнчүлүк гана берди. Товарды өндүрүү, алып чыгуу, сатуу процесстеринин баары биздин колубузда. Экономика жана айыл-чарба министрлиги ишкер, дыйкандарга кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүшү керек. Мисалы дыйкандарга картөшкө эккенден тарта сатканга чейин, алардын талабы кандай экенин толук кандуу түшүндүрүп бериши керек. Талаптарга жооп берген күндө гана биз аталган бай базарга чыга алабыз. Бирок биз сан жагына эмес, сапат жагына маани беришибиз керек. “Кыргызстан органикалык өнүмдүн өлкөсү” деген бренд менен кетишибиз керек. Анткени экологиялык таза өнүмгө дүйнөдө суроо-талап күч болуп, баасы да эки эсе кымбат.

Эң башкысы – бизге инвестор да агылып келе баштамак. Анткени инвестор Кыргызстан аркылуу ошол базарга чыга алат. Алар ошого кызыкдар. Бирок кандай өндүрүм чыгарбасын, товарлар Кыргызстанда жасалган деген тастыктама менен кетиш керек. Мамлекет ишкерлерге шарт түзүп берип койсо, калганын ишкерлер өздөрү жөндөп кетмек. Анткени азыр мамлекет жасай албаган иштерди ар кандай бизнес ассоциациялар жасап, мамлекетке караганда ишкерлер союзу тез бутуна туруп кетип жатат.

Бай базарга каалаган ишкер түз кирип, өндүрүмүн сата албайт. Анткени товар Евросоюз койгон талаптарга толук жооп берүүсү керек. Мисалы “organic” тастыктамасын алуу үчүн өнүм химиялык кошулмасыз болуусу шарт. Өнүмдү таза экенин аныктоо үчүн атайын лабораториялардын курулуусу күтүлүүдө. Депутат Абдувахаб Нурбаев лабораторияларды Евросоюз куруп бергенге даяр экенин айтты.

– Евросоюз бизге чоң жардамдарды берүүгө даяр турат. Акча жагынан да, башка жагынан да. Болгону биз ошону туура колдоно билүүбүз керек. Андан тышкары, Германия дыйкандарды окутуу жобосунун аркасынан Кыргыз ишкерлерине товар экспорттоо жолдорун да окутканы турат.

## Булак суусун дагы экспорттоого болот

Ишкерлер Евробиримдикке айыл-чарба азыктарын, азык-түлүк, мөмө-жемиш, жашылча, тамеки, арак, тери, эт, текстиль, зер жана кийизден жасалган буюмдарды, жадакалса, булак суусун дагы ташый алат. Эксперттер шартка жараша Кыргызстандын ар бир региону өзүнө мүнөздүү товарларды экспортоону жолго коюп алса болорун айтышат. Маселен, Ош облусу күрүч, бал, Талас төө буурчак өндүрсө, ал эми Баткен өрүк экспорттосо болот. **ЖИА бизнес ассоциациясынын аткаруучу директору Руслан Акматбектин** айтымында, аймакка бөлүнүп алып товар өндүрүү ишти тездетип, дыйкандардын кесиптешип калган ишин уланта берүүгө жол бермек.



– Азырынча кандайдыр бир жыйынтык тууралуу айтууга али эрте. Анткени даярдыктар эми-эми гана көрүлө баштады. Бирок, биз бажы биримдигине кирүүдөгү каталарды кайра дагы кайталап алабызбы деп чочулап турам. Мүчө болсок эле, жеңилдик берсе эле экспорттой баштайт экенбиз деп ойлойбуз. Бирок андай эмес. Биринчиден, товарды үзгүлтүксүз жеткирип туруу керек. Сапат керек, сапатты тастыктай турган сертификат керек. Андан кийин товарды алган кардар керек. 6000 товардын түрүн бажы төлөмүсүз киргизе алабыз деп жатабыз. Бирок биз ошол 6000 товардын баарын өндүрүп экспорттой алабызбы? Алгач биз эмне өндүрүп, эмне экспорттой аларыбызды белгилеп алышыбыз керек. Андан соң ошол товарлардын үстүндө адистешип иштешибиз керек. Албетте, буга бизнес бирикмелердин күчү жетпейт. Буга мамлекеттин саясаты керек. Биз Европага экспорттоодон мурун ал жердин базарын иликтеп келишибиз керек. Эмнеге суроо талап күч экенин билишибиз керек. Ошого жараша дыйкандарды даярдашыбыз керек. Жыйынтыкты дароо күткөн болбойт. Азыртадан даярдык катары Европанын ярмарка көргөзмөлөрүнө биздин ишкер, дыйкандарды алып барып башташ керек. Ишкер ал жердин шарты талабы, кардарларынын табити менен таанышсын.

Бул жерде логистиканын мааниси чоң. Анткени биз буурчакты Түркияга экспорттоп атканда Түркия менен Орусия жаңжалдаша кетип, биздин товарларды өткөрбөй коюшканын баарыбыз көрдүк. Мындай учурларга туруштук бериш үчүн дагы башка алтернативдүү жолдорун иштеп чыгышыбыз керек. Анткени мындай учурлар болуп келген, дагы боло берет.



Биз бул жеңилдик тууралуу ар кайсы тармактардын өкүлдөрүнөн, өзгөчө дыйкандардан социалдык сурамжылоо жүргүзүп, “ЖЖС+ же жалпы жеңилдиктер системасы жөнүндө укканыңыз барбы? Евросоюз Кыргызстанга 6000 товардын түрүн Европа базарына бажы төлөмүсүз киргизүүгө жеңилдик бергенинен кабардарсызбы? Өзүңөр өндүргөн буурчак, алма, күрүч сыяктуу өндүрүмдөрдү Европа базарына бажы төлөмүсүз алып барып сата алат экенсиз, ушундан кабарыңыз бар беле?” – деген суроолорду салып төмөнкүдөй жоопторго туш болдук:

– Жок, ал эмне экен, чечмелеп бере аласызбы?

– Түшүнбөдүм, кайсы товарларды каякка сатат экенбиз?

– Эмне экен ал ЖЖС деген? Сизден биринчи жолу уктум.

– Уккам, бирок кайсы өндүрүмдөр чыгарынан толук кабарым жок экен.

– Жакшы нерсе экен, ээ? Бирок аксакал туруп кабарым жогуна таңкалып жатам.

– Угуп жүрөм. Эми ал дыйкандарга эле керек болбосо, биз шаарда туруп эч нерсе деле өндүрбөйбүз да.

– Ооба уккам, кызыгып маалымат чогултуп жүрөм. Буурчак чыгарса болорун угуп таластыктар сүйүнгөнбүз. Эми ошол кызык болуп атат да, быйылкы эгин эмне болот? Быйыл дагы буурчак айдадык да.

## 3 жылда 17 млн. доллар үнөмдөлмөк

Сурамжылоого ылайык, дыйкандардын көпчүлүгү артыкчылык макамынан кабарсыз болуп чыкты. Ал эми **экономика министринин орун басары Эльдар Абакиров** маалымат таратуу, түшүндүрүү иштери эми гана башталып келе жатканын айтып, артыкчылык макамын берген менен эле иш бүтпөгөнүн, андан аркы жумуштар дагы бир жылча созуларын билдирди.



– Эми түшүндүрө баштайбыз. Түшүндүрүү иштери сентябрдан баштап, декабрга чейин уланат. Тренерлер жалданат. Алар региондорду кыдырышып, дыйкан, ишкерлерге маалымат берет. Андан тышкары телевидениеге, гезиттерге, интернетке керектүү материалдарды жайгаштырабыз. Буга чейин Европа базарына кирген жок деп айтыш кыйын, кирип эле атат. Статистикада 2013-2015-жылдар аралыгында 120 млн. тегерегиндеги суммада товар экспорттолгон. Эгер бизде жеңилдик болгондо 3 жылда 17 млн. доллар үнөмдөмөк экенбиз.

Дүйнөлүк товар стандартына туура келиш үчүн биздин кээ бир жашылча жемиштердин түрүн өзгөртүшүбүз керек. Стандартка түшүп алсак, өнүмдү кайсы жакка болбосун, сатуу оңой болуп калат. Ошол эле Евросоюздун, ошол эле ЕАЭБдин стандарттары бирдей. Кыскасы товар экспорттоо үчүн сапат жака өзгөрүшүбүз керек. Кыргызстандын экономикасы өзгөрүү алдында турат. Өндүрүштү, экспорттоону, айыл-чарба тармагын дүйнөлүк стандартка ылайыкташтырууну өздөштүрүп алсак эле болду.

Европанын артыкчылык макамына арзыган 14 өлкө бар. Ал эми постсоветтик өлкөлөрдүн ичинен Армения, Грузия мамлекеттерине берилген. Аталган өлкөлөр мүмкүнчүлүктү колдон чыгарган эмес. Учурда алгачкы жемишинин үзүрүн көрүп жаткан чагы. Маселен, Армения стандартка жооп бериш үчүн эски алма бактарын кыйып, жаңы сорттогу алмаларды отургузган. Алмалар 2 жылда түшүм берип, чыгымды бат эле жаап кеткен.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Аргасыз сурамжылоо

Өткөн жумада 2010-жылдын 7-апрелиндеги окуялар боюнча экинчи инстанциядагы Аскер соту чечим чыгарган. "Мекен Шейиттери" коомдук бирикмеси бул боюнча билдирүү кылды. Биз бул билдирүүдөгү цифраларды жана фактыларды талдап, жорууга аракет кылдык



Сүрөт ▸ sputnik.kg



«Мекен шейиттери» коомдук бирикменин мүчөлөрү

## Бул цифра менен фактылар сурамжылоого өтөбү?

Кыргызстанда 3 миллионго жакын шайлоочу бар. Шайлоочу дегенде жашы 18ден жогору, колу менен кылганды мойну менен тарткан-га даярлар. Ошондой элдин кандайдыр бир бөлүгүн сурамжылоого алып, чыккан жоопторго жараша 2–3 пайыздык өйдө–ылдыйы менен туура маалымат алса болот. Мисалы, баланча партия шайлоодо канча пайыз добуш аларын билип коюу толук мүмкүн. Же Орусияда 140 млн. адамдын арасынан 1500 адамды кокустук усулу менен тандап алса, өйдө–төмөн 2,5–3% менен туура жооп алынат.

Демек 3 млн. жоопкер жарандын арасынан 600дөн 3000 кишиге чейин тандап алып, сурамжылоо кылсак, жок эле дегенде 5–6 пайыз гана айырмачылык берген туура жооп алмакпыз деген ойдобуз. Бул каргашалуу окуяда 587 адам түздөн–түз жабыркаган. Эгер алардын жок эле дегенде бештен жакыны бар десек, алар 3000ге жакын адам.

Мындан кийинки текст толугу менен «Мекен шейиттери» коомунун кайрылуусунан алынды.

## 7-апрелде жабыркагандар тууралуу цифралар

Кандуу 7–апрель күнү 141 бала атасыз калып, 58 аял жесир, 64 эне балдарынан ажырады. 11 эне жалгыз уулун жоготту. Октон өлгөндөр жана жаракат алгандар кимдер? Жарандар, жумушчулар, таксистер, студенттер, мугалимдер, жумушсуздар. Алар – сепаратисттер, экстремисттер, террористер эмес. Аларды сөзсүз өлтүрүүчү октор менен атуунун кереги бар беле? "Альфа", "Арстан" атайын аскердик топтун милдетине куралсыз элди өлтүрө атуу киреби?

Сотто күнөөлүү болуп отурган адамдар жөнөкөй адамдар эмес, алар ошол күндөрү өлкөкөдөгү кырдаалга түздөн–түз таасир этчү, курчуп бараткан абалды оңдоого толук мүмкүнчүлүктөрү бар кишилер. Алардын унчукпай, ажого кошоматтанган аракетинин кесепетинен 87 адам октон мерт болуп, 500гө жакыны ар түрдүү жаракат алган.

## Айыпталган тараптар

Ушул жылдын 3–июнунда Аскер соту тарабынан 2010–жылдын апрель окуялары боюнча соттолгондорго, биздин балдарды жана ага–туугандарыбызды өлтүргөндөргө карата чечим чыгырылды.

Сотко адам акыйкат, калыстык издеп келет. Акыйкат, чындык болсо бирөө гана. Биз өз кайгыбыз менен өзүбүз болуп, коррупцияга баткан соттун алдында алсыз болуп кала бердик. Коррупция деген биздин түшүнүгүбүздө акча гана эмес, бул соттордун бирөөнүн каалоосун ишке ашыруусу, же бирөөлөргө жагынайын дегени экен. Биздин гана соттор тоок уурдаганды беш жылга камап жиберип, адам өлтүргөндөрдү актай алат.

Мурунку бийликтин тушунда талаптоноо, бирөөнүн жеке менчигине кол салуу, тартып алуу, казынага кол салуу эч кимди таң калтырбай, көнүмүш адатка айланып бара жаткан. Ак, адал иштеп үлгү болуунун ордуна, жогорку бийликтеги чиновниктер арамдыкка белчесинен батышкан.

Бул кимдин идеясы? Биздин саясатчылар мокок, коркок, эл менен сүйлөшүүгө даяр эмес, айтчу акыл ою жок, элди ынандыра албайт. Алар анык элдик лидерлер эмес.

Табылган октор өтө аз. Каза болгондордондун денесинен алынган октор кайсы куралдан атылганын идентификациялоо мүмкүн эмес деп баллистикалык, трасологиялык эксперттер чечим чыгарып коюшкан.

Куралы жок элди ат десе эле ата береби? Эч болбосо бутка, колго атса эмне?! Жүрөккө, башка өлтүрө атпай. Өз элинди ат деген буйрук мыйзамдуу эмес – жексур күнөө. Ал жазалануучу буйрук. Аны аткарган адам өзү да күнөөлүү жана жаза алууга тийиш. Демек адам баласына тиешелүү нормалардан чыкпаш керек. Антпесе, ал мал болуп калуусу ыктымал. Сотто күнөөлүү деп олтургандар бул жөнөкөй адамдык нормаларды, эрежелерди бузуп отурушат. Күнөө жазаланбаса ал кайталанып калышы мүмкүн. Кыйыр далилдердин жыйыны тике далилге тете деп эсептейбиз.

Алардын максаты элди коркутуу болгон. Ырайымсыз киши өлтүрүү менен элди коркутушу керек эле. Бардыгы жана биринчи кезекте кылмыштуу буйруктарды аткаргандар өз кылмыштары үчүн жооп бериши керек.

## Эл тууралуу

Алардын алдында террористтер же бандиттер эмес эле да. Алардын алдында көп миңдеген көтөрүлүшкө чыккандар эле. Ошондо өлгөн адамдардын биринин да колунда курал жок болчу. Атылгандардын көбү башка жана көкүрөккө ок жешкен.

Капысынан эмес, таамай атуудан каза болгондор: 18 киши башка, мойунга атылган. Көкүрөккө, жүрөккө ок жегендер 37 киши. Ичке, жан жерге атылгандар 8.

Эмне үчүн форумга чогулган элге бир машина толтура жүктөлгөн курал–жарак, автоматтар, пистолеттер, снайпер куралы, гранат, гранатомёт салынып барылган. Эл куралчандардын автоматтарын тартып алып, өздөрүн токмоктоп кетүүгө мажбурлашкан. Ал жерде эл атылуучу курал менен аскерлердин эч кимисин жарадар кылган эмес. "Снайперлердин, милициянын огунан канчасы өлүп, канчасы жаракат алды эле?" – деген суроого жооп бере албай калышты.

БТР өкмөт үйүнүн тепкичинде, короосунда турган жык–жыйма солдатты пулемет менен атса, алардын эч кимиси тирүү калмак эмес. Анын огунан бир да адам өлгөн жок.

Эл өз жанын ойлобой, өлтүрө атууга даяр турган, ок–дарысы бар башы жок маңкурттарга тике карап, качпай керээликечке тирешүүгө даяр эле. Бул кайраттуу, мекенине анык күйгөн ак жүрөк адамдар.

## Бүтүм

Биз муну юридикалык маселе эмес экенин так түшүнүшүбүз керек.

Биз өч алуу сезими менен гана эмес, адилеттүүлүктү талап кылуу менен күнөөлүүлөр жазасын алат деген үмүт менен жүрөбүз. Жакындарыбыз кайтып келбейт, бирок биз мындан кийин мындай каргашалуу окуя кайталанбасын, мындан кийин бийлик эч качан өз элин атпасын, эгерде бирөө аткысы келсе да аскерлер эч качан өз калкын көздөй ок чыгарбасын деген үмүт менен жүрөбүз.

Шейит кеткен балдардын жакындары ошол окуядагы күнөөлүүлөрдүн адилеттүү жазаланышына аракеттенип талап кыла беребиз жана муну биздин милдет катары көрөбүз. Жогорку сотко, эл аралык сотторго да кайрылыбыз. Анткени биз ушундай трагедия экинчи биздин өлкөдө кайталанышын каалабайбыз.

Бул кандуу окуядан туура сабак алып, калыс, акыйкаттуу жыйынтык чыгара алабызбы, убакыт көрсөтөт.

Саясатчы деген түзүлүп калган кырдаалга туура, реалдуу баа берип, кандай гана курч абал болбосун эң аз жоготуу менен, компромис жолун таап кырдаалды оңдоп кете алган адам.

Аскер, милиция кийимин кийген куралчан адамдар эл алдында өз аброюн түшүрүштү. Бул эң кейиштүү көрүнүш.

## Бизден бир-эки сөз

Эгер атайын сурамжылоо кылынса айыпталган тарап менен жапа чеккендер тууралуу чыгарылган бүтүм ушундай эле болмок деп ишенебиз. Саясатчылар, элди бийлеп аткандар сабак алчу эле кайрылуу болгондой. Айрыкча сотторубуз жана сот системабыз бул каңырыкты түтөткөн сөздөрдөн уялуусу керек. Германиянын конституциясында "эгер бийлик эл менен мамлекеттин кызыкчылыгына каршы иш кылып баштаса, эл ага куралдуу каршылык көрсөтүүгө укуктуу" деген мааниде берене бар экен. Анткени немистер фашисттик башкаруусу башынан өткөргөн эл. Биздин бийлик жана соттор отурган орду берген мүмкүнчүлүктөрдү адамдын канынан артык көрүүсүн уланта берсе буга окшогон сот иштеринен акыйкат жана адилеттүүлүк күтүү оор.

АЙЗАДА НУРАДИЛЕВА

# Ууру тойгончо жеп, өлгөнчө карганат

**Сокулук районунун Новопавловка айылында саанчы болуп иштеген Салкын Баева менен Кыялкан Токтогоновага убагында өтөгөн эмгеги үчүн жер үлүшү бөлүнгөн. Бирок жер бөлүнгөнү менен 9 жылдан бери ала албай келишет. Алардын бул аралыкта барбаган жери, какпаган эшиги калбагандыктан, биздин редакцияга да кайрылып отурат**



## "Чындык издеп күнүгө Ак үйдү сагалайбыз"

**Салкын Баева** Новопавловка айыл өкмөтүнө өз үлүшүн алуу үчүн барганда аны кабыл албай, буларды өлтүрүш керек деп айтканына нааразы болуп, окуяны башынан айтып берди:



– Сокулук районунун Новопавловка айылынан келдим. Менчик жерибизди ала албай жүргөнүмө 9 жыл болду. Новопавловка айылынын колхозунда саанчы болуп иштегеним үчүн өз үлүшүмдү алгам. Новопавловканын мурунку айыл өкмөтү Болот Мамышов болчу. Андан кийин Мамышовдун өкүл баласы болду. Биздин айыл өкмөт тряпкадай болуп, бир жылда эки-үч жолу алмашат. Аким бизге "Силер чырылдап, соттошуп жүрөсүңөр. Соттон чыккан чечимиңер бар тура. Сизге 1,72 гектар жер тилкеси тиешелүү экен" деп бизди архивге киргизген. Үлүшкө тиешелүү иш документтердин баары бар. Архивге кирген Новопавловканын колхозчуларынын жерлерин сатып ийген. Сатылып кеткен жерге заңгыраган тамдар салынган. Ошол жерде жашаган адамдан сурасаң, бул үй соттуку, берки прокурордуку деп айтышат. Ак үй, аким, айыл өкмөттөргө чейин басып алышкан. Менин атыман 3-4 жолу жеримди сатканы боюнча Мамлекеттик каттоо кызматынан өткөн документтерди таптым. Жерим сатылып жатып, калбай калды. Булар жер сатууну Алтын-Ордо, МТФдан башташкан. Бул иштин башында Сарпашев, андан кийин Сариев, Кумаров, Чыныбаев турат. Чыныбаевдин карындашы Үпөл азыркы күнгө чейин жер сатууда. Биз ШИИБге барганда Үпөл "Агам төрага болду, мен ага барбай эле өзүм бүтүрүп алам" деди. Балык башынан сасыйт дегендей, чоңдорубуздун баары эле сасып жатат. Өлкө башчы Атамбаевден чындык издеп, күнүгө ак үйгө сагалап келебиз. 9 жылдан бери соттун чечимдери биз тарапка чечилет. Ошондо да алар чогулуп алып биздин жерлерди сатканы-саткан. Айыл өкмөткө барганда ит талагандай талап, аялдары чогулуп "Буларды өлтүрүп коюш керек"деп кубалап чыгат. Айыл өкмөткө такыр киргизбейт. Азыркы учурда айыл өкмөттүн жетекчиси Улан Саадалиев өзүнүн жанына аялдарды коюп алган. Биз барсак ал "Могуларды өлтүрүп кой" деп айтат. Аялдар жок кезде барсак да аларды тез эле чакыртып алат. Ал өзү иштебейт деле. Биз каякка барып, эмне кыларыбызды да билбей калдык.

## "Өз эмгегимди балдарыма алып берип өлөм"

**Кыялкан Токтогонова** эже болсо документке ишенип жүрүп 9 жылдан бери өз үлүш жерин ала албай жатканын айтып кейиди:



– Красная Заря колхозунда 30 жылдан ашык саанчы, күйөм уйчу болуп эмгектенген. Балдарыбыз ошол колхоздо төрөлсө да, аларга жер тилкесин ала албайм. Биздин үй-бүлөгө берилген үлүш жерди толук алган эмесмин. Документ колдо тургандан кийин үлүштү эчак эле алмакпыз. Бирок карапайым экенбиз да. Эмки жылы алабыз, жаз келсе алабыз деп 9 жылдан бери ала албайбыз. Биздин жерибиз кимге, кимдин атынан сатылганын билбей жатабыз. Мен ала турган жеримди 1033-номуру менен алышым керек эле. 2014-жылы аким Кенжебаев бизге "Ызы-чуу болуп айланар кетти, мыйзамды бузуп Новопавловка айыл өкмөтүнүн архивине киргизейин" деди. Архивден тапсаңар таптыңар, таппасаңар жок деп Салкын экөөбүздү киргизди. Архивдеги жер үлүшүнө тиешелүү баардык адамдарды жаздым. Алар биз албаган жерди алды деп кататтыптыр. Көрсө, жерлерибиз биздин атыбыздан сатылып жаткан экен. Мага таандык 2 гектар 15 сотка жер 3 жолу сатылды деген маалым кат беришти. Анын чечимин Мамышев жасаптыр. Жер менен иштеген Руслан чертёжун чийип, менин колумдун ордуна өз колун коюптур. Колхоздо иштеген миңдеген адамдардын документтерине жерди экинчи жолу алды деп каттатып жатышат, албасак деле. Ак-Ордо-2, Ак-Ордо-3 жерлери сатылыптыр. Алар чарба иштери үчүн деген китеби менен элдерге үй салдырып салды. Эми эл үйлөрдү мыйзамдаштырып бергиле дешүүдө. Жергиликтүү калк айыл өкмөткө тоскоол болуп чыкса, Садалиев жерди сатып алгандарга түндө салгыла деп көп үй салдыртты. Ал жерлер – колхозчулардын үлүштөрү. Биздин үнүбүз эч жакка жетпейт. Биз Башкы прокуратурага, ЖКдагы жер комитетине, президенттик аппаратка кайрылдык. Алтын-Ордонун баары айдоо жерлери болчу. Биринчи жерди мага ошол жерден бөлгөн. Алтын-Ордодогу 6 гектар бош жерге бир нерсе айдайлы деп боз үй тиккенбиз. Саадалиев биздин кеткенибизден пайдаланып боз үйдү талкалап, милиция салып кетиптир. Уланга "Жетекчи болбой эле, басмачы болдуң" десем ал мени коркутуп жатат."Эже тирүү жашайын деп жатасыңбы же өлүгүң чыгышын каалайсыңбы?" деди. Өлсөм да өз эмгегимди балдарыма алып берип, өлүшүм керек.

## "Ал жер арестте турат"

Ал эми **Новопавловка айыл өкмөтүнүн жетекчиси Улан Садалиев** бул жерди бере албастыгын төмөнкүдөй билдирди:

– Колхоз убагында булар үлүш жерлерин алган.Кошумча берилген жерлерин да алган. Маселе колхоздон ашкан жерден башталган. Ал боюнча сот маселеси жүрүп, укук коргоо органдарынын карамагында каралууда. Тергөө иштери жыйынтыкталгандан кийин жообу толук берилет. Новопавловка айыл өкмөтүнүн жетекчиси болуп 2014-жылы ишке киргем. Бул маселе боюнча алар Башкы прокуратурага, президент аппаратына, ИИМге, ЖКга кайрылышкан. Азыр тергөө иштери жүрүүдө. Кимдин кайсыл жерде жери бар, бул жерлерде ким отурганы боюнча өз убагында жер бергендер жооп берсин. Булардын арызы менен комиссия түзүлгөн. 2014-жылы ведомстволук текшерүү келген. Андан тышкары ЖКдан ар бир фракциядан экиден депутат келген. Комиссия бул ишти жарым жыл текшерип, эжелердин арызмунун карашкан. Булардын биринчи алган үлүштөрү далилденген. Алтын-Ордодогу жерлер мага чейин эле берилип кетиптир. Айыл өкмөттөн эмес, колхоздон убагында мыйзамсыз кеткен жерлер боюнча соттошуу болууда. Бул боюнча кылмыш иштери козголуп, далилдөө, иликтөө иши жүрүүдө. Эки жылдан бери биз эч кандай чечим берген эмеспиз. Анткени жер арестте. Алтын-Ордодогу жерлер ушул эжелерге окшогон колхозчуларга берилиптир. Колхозчулар өз убагында жерлерин сатып ийген. Боз үй кандай, кантип алынганы боюнча видеокамерага тартылган. Бизге укук коргоо органдарынан чалышкан. Анткени боз үй мыйзамсыз туруптур. "Менин жериме мыйзамсыз боз үй тигип алышыптыр" деп жер ээсинен арыз түшүптүр. Экотех комиссия менен барып бул эжелерге жолуккам. Алар жер биздики деди. Айтылган жерде сүйлөшүп турганда укук коргоо органдары жер ээси менен келди. Мен ал жерде кимдики туура кимисиники туура эмес экенин карагыла деп чыгып кеттик.

Маселенин баары колхоз башчылары убагында жерди туура эмес бөлгөнүнөн жаралууда. Азыркы учурда эжекелердин көйгөйү бизден кошумча жер алуу. Ал жерди мен бере албайм, анткени арестте турат. Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча бир жаран 1 жолу гана жер алат. Бул маселе ызы-чуу экенин билип боз үйдү жылдырганда баардыгы видеого тартылган. Карагыла, тарткыла кийин бизге жөн эле жалаа жабылбасын дегем. Бирок баары бир жалаа жабылып жатат, – дейт ал.

Кыскасы, акыркы жылдары, айрыкча Бакиев бийликке келгенден бери Бишкектин айланасында жер талаш маселеси курч бойдон турат. Баарынан кызыгы, ар кимдин жерин, ал тургай үйүнө чейин байпактай саткан куу тумшуктардын эч жазаланбай, жазаланмак тургай кайра күчөп, кайра тажрыйбалуу болуп баратканында. Азыр алар укмуштуудай адис болуп бүткөн. Жолуктуң дегиче сыгандай башыңды айлантып туруп дагы бир шордуунун жерин кызылдай акчаңа сатып баса берет. Бирок, ал ошондон нары качып да жоголбойт. Сен аны көрүп турасың. Дагы бирөөлөрдү көз алдыңда алдап, дагы бир шордуунун мээсин тегеретип атканын да билип турасың. Бирок эч нерсе кыла албайсың. Анткени алар жогоруда айтылгандай, катуу такшалып бүткөн. Деги биздин эл качан ушул маселеден кутулуп, калкты кан какшаткандар качан жазасын алат, белгисиз...

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Бала дүйнөсүнө олуттуу мамиле кылуу



**Балдарыбызды кемсинтпейли, кем көрбөйлү. Аларды дагы улуу адам катары, пикири сыйлана турган баалуу инсан катары кабыл алалы. Баалуу бала, баалуу адам, улуу баалуулук катары кабылдайлы**

Буга чейин бала тарбиялоодо зордук-зомбулук болбошу керек экенин, азыркы доордо бала тарбиясында коом, мамлекет, үй-бүлө жана ата-эне институтунун ар биринин жоопкерчилиги бар экенин жана анын ичинде ата-эне эң чоң жоопкерчиликке ээ болуп, ошол жоопкерчиликти алышы керектиги тууралуу айтканбыз. Эмесе ошону улантуу иретинде ата-энелердин бала тарбиялоодо бала дүйнөсүнө кирүү маселесин карайлы.

## Баланын белгисиз дүйнөсү

Ата-энелер, билим берүү мекемелери жана тарбиячы менен мугалимдер бала дүйнөсүн түшүнбөсө бала чоң бөгөткө, катуу мүчүлүштүккө учурайт. Себеби бала өзүнүн жаш курагы, дүйнө таанымы, өткөн жашына карап тажрыйбага ээ болот. Ошого жараша түшүнүк дүйнөсү калыптанат. Ошол түшүнүк дүйнөсү менен окуялар анын кыймыл-аракетин багыттайт. Ошондуктан ата-эне баланы өзүнүн дүйнөсүнө теңеп, өзүнө тартуудан мурда, балдар дүйнөсүнө кирүүнү көздөш керек. Кайсыл ата-эне өз баласынын дүйнөсүнө кирип, ошонун дүйнөсүндөгү ар бир тепкичти талдап түшүнө алган болсо, тарбия жолундагы эң чоң ийгиликтин кулпусун ача алды дегендик.

> «Ата-энелердин бала дүйнөсүнө кире алуусу - бала тарбиясындагы эң баштапкы ачкыч»

Үй-бүлөдөгү ата-эне менен баланын ортосундагы келишпестик, түшүнүшпөстүк бала дүйнөсүнө чоочун болгондугубуздан чыгат экен. Чоң кишидей эле балада коркуу, сүйүнүү, жактыруу, каалоо сезими бар. Мисалы баланын курсагы ток, алды кургак, бирок ыйлап жатат. Ал эмнеге ыйлап атат, сүйлөй элек бала неге корксун деген ойдо болобуз. Педагогдор жаңы төрөлгөн баланын да өзүнө таандык коркуу сезими болот дешет. Ал тили чыга электигинен айта албайт, ыйлайт. Ошол учурда коркуу сезими да болгонун эске алып ошого жараша мамиле кылбасак, кичинекейинен эле анын түшүнүгүнө, анын жүрөгүнө жана психологиялык өнүгүүсүнө доо кетирип койгон болот экенбиз.

## Алма шагынан алыс түшпөйт

Балдардын дүйнөсүндө, ар-бир кыймыл-аракетинде өзүнүн өрнөк алган чөйрөсү болот. Бул эң башта үй-бүлөсү. Андан кийинки барган бала-бакча жана коомдогу калган социалдык чөйрөсү. Же болбосо кийинки учурларда балдардын бир нерсе каалап же каалабагандыгы катары тамак ичпөө маселесин карайлы. Эгерде атасы келип: "Мен чарчап турам, азыр тамак ичпейм" десе, аны көргөн балада "Ар бир адам даяр тамакты ичиш керек" деген түшүнүккө каршы ой пайда болот. Ага "Тамакты ичпей койсо да болот" деген түшүнүктү үй-бүлө байкабай берип алат. Ошону менен кайра ага "Сөзсүз ичишиң керек" дегенден тартып баланын дүйнөсүндө башаламандык башталат. Ал да ата-энесиндей тамак ичпөө укугун колдонгусу келет. Анан ал өзүнүн "Мен ошол акыны колдоном" дегенин билбей эле биз аны мажбурлайбыз. Ал болсо муну зомбулук катары кабыл алат да, негативдүү реакция берет.

> «Ата-эне баласын баласынтса, келечегине балта чапкан болот»

Телевизор көрүү маселесине келсек, "Сен бир саат көрүп, сабагыңа даярдан да жат" деп калгандардын баары телевизор көрүп, отуруп алса анын мээсинде кайрадан башаламандык жаралат. "Баары көрө берсе боло берет да, эмнеге мен көрбөшүм керек?" деген ой туулат. Натыйжада бул да баланын дүйнөсүн түшүнбөй, айтканың менен кылганыңдын айкалышпай жаткандыгынын көрсөткүчү.

## Эки жүздүү муун келбесин

Ата-эне ичимдик ичкени менен баласынын аракеч болушун каалабайт. Баласынын мындайын каалабайт, бирок үйгө келип балконго тамеки чегет, же болбосо кээде тойтопурдан аябай мас болуп кайтат. Анан соо учурунда "Балам сен тамеки чекпе, арак ичпе, зыян" деп "ойчулдук" кылганы менен анын таасири болбойт.

Ички дүйнөсүнө төп келе турган түшүнүк берип, ошого жараша кыймыл кылбасак, өзүбүз байкабай туруп эки жүздүү, кылганы менен айтканы төп келишпеген муун өстүрүп коюу коркунучу бар. Азыр өнүкпөй жаткан өлкөлөрдө ата-эне өзүнүн милдетин аткарбагандыктан, айтканы менен кылганы төп келбегендиктен, айтканы менен кылганы дал келбеген муунду торолтуп атат. Коррупция аз болгон, өнүккөн, башканын акысы желбеген, башканын эркиндигине сый мамиле кылган алдыңкы өлкөлөрдү карап көрсөк, бала тарбиясында да ушул жетишкендиктерге жеткенин көрөбүз.

## Баланы кичиксинтпеш керек

Балдарды эч качан кичинекей катары көрбөй, чоң кишидей ага маани берген туура. Бул жерде бир нерсени айта кетпесек болбойт. Эч бир бала өзүнө "кичинекейсиң" деген сезим берилишин каалабайт. Ата-эне өзүнүн баласын эркелеткен болуп, ага түшүнүктүү болсун деп булдурап бир нерселерди айтат. Бирок бала аны каалабайт. Али балакай болсо да, кадимки эле чоң кишидей так, даана тил менен эле сүйлөй беришибиз керек.

> «Ата-эненин айтканын кыл, кылганын кылба» деген түшүнүк бала тарбиясында өтүмдүү эмес.»

Баланы кемсинткен аракеттен алыс болуу зарыл. Мисалы "Чоңдор сүйлөшүп атканда кыпчылба", "Кийлигишпей жөн отур" деп, кагып-силкүү туура эмес. Анын ордуна "Биз баландай маселени сүйлөшүп атабыз. Сен угуп тур, анан сенин пикириңди угалы" деп пикирин угуп, анын да өз оюн айтуу жөндөмүн өстүрүшүбүз керек экен. Негизинен эле биздин мусулмандардын эң чоң кемчилиги бала тарбиялоодо. Биздин коомубуздагы маселелердин дээрлик баары: кылмыштуулук, арам кекиртектик, элдин акысын жеш, алдамчылык, эки жүздүүлүк, мыйзамдардын аткарылбашы үй-бүлөдөн башталат экен.

## Өрнөктүү окуя

Мен чет өлкөдөгү бир атуулубуз менен маек куруп калдым. Ал жашап жаткан өлкөдө балдардын тарбиясына аябай маани беришет экен. Улутубуз жана динибиз сунуштаган баалуулуктарга кичинесинен эле көндүрүшөт дейт. "Балам башталгыч мектепте окуйт. Аларга кезекке турууну алты ай үйрөтүштү" дейт. "А мен таң калдым. Бизде боюңарга жараша тургула деп бир сабакта араң кезекке турганды үйрөтөт. Ушундан улам кезекке турганды алты ай үйрөтүшөбү деп таң калгам. Көрсө, кезекке туруу өтө маанилүү экен. Бирөөдөн өтүп кетпөө, өзүнүн кезегине карап туруу, кезекте турганда бирөөнү жөөлөбөө, башкасынын укугун тепсебөө деген түшүнүктү кичинекейинен кезекке, катарга туруу эрежеси аркылуу көрсөтүшөт тура. Кийин чоңойгондо башка мамлекетке барса да башкалардын укугун тепсебөө, адамдардын акысын жебөө, кезегин талашпоо, мүмкүнчүлүгүн карактап албоо, жеке менчигине кол салбоо деген түшүнүк ошол бала чагынан берилет экен" дейт ал.

> «Ата-эненин айтканы менен кылганы төп келбесе, баласына тарбия берип атам деп ойлобосун»

Ошондуктан биз бардык көйгөйлөрүбүз балабыздын бешигинен, бала бакчадан башталганын, башталгыч мектепте уланганын эске алып, аларга кичинесинен чоң кишидей мамиле кылып, бала дүйнөсүнө кирип, бирибирине айкалышкан ырааттуулук менен түшүнүктөрдү бере алышыбыз керек. Антпесе алар чоңойгондо өзүбүздүн тайкы тарбиябызга негизделген социалдык, саясий-экономикалык көйгөйлөрүбүз уланып кете берчүдөй.

"АЛТЫН МУУН" коому

# Жамааттардын бар болгону Кудай Тааламдын берекеси

Учурда, радикализм, экстремизм деген сөздөр кайда болбосун айтылып, ыргытылган таштын баары мусулмандын башына тийип келет. Бирок, ошол эле маалда мусулман коомчулуктун да көйгөйүн угуп, кебин тыңшайт дегендер аз. Ушул кемтикти толтуруу максатында Кыргызстан Ислам университетинин ректору Марс Ибраевге гезитибизден орун бердик




## Динди туура жеткирүү максатыбыз

Кыргызстан Ислам университети 2003-жылдан тартып университет катары толук кандуу иштеп келе жатат. 745 студентибиз бар. Жамаатыбызда жалпысынан 61 мугалим эмгектенсе, анын ичинен алтоосу – араб. Университеттин аты айтып тургандай эле, толук кандуу теологиялык багыт болгондуктан, араб тилин үйрөнүү, үйрөтүү маселеси өтө курчуп турган чак. Куран жана көпчүлүк теологиялык багыттагы тафсир, хадис китептери араб тилинде болуп аткан соң, араб тилин билүү өтө маанилүү. Ошондуктан студенттер биринчи курсунан эле араб тилин окуп үйрөнө баштешат. Андан тышкары, бизде ислам таануу, шариат жана араб тили, адабияты аттуу үч кафедра бар. Студенттерибиз коомдук иштерде, спорттук мелдештерде жана илимий иш чараларда башка университеттер менен тең тайлашып келет. Ошондой эле чет элдик университеттер менен карымкатнаштарыбыз дагы бар. Мисалы, Казань Ислам Университети, Казакстандыгы "Нур Мубарак" жана башка университтер менен расмий тыгыз байланыштабыз. Кыскасын айтканда, биздин университет – Кыргызстанда коомго динди туура жеткирүү, багыт берүү максатында аракет кылып аткан бирден-бир университет.

Бүгүнкү күнү бүтүп кеткен бүтүрүүчүлөрүбүз диний чөйрөдө эмгектенишүүдө. Алды Чубак ажы Жалилов, Абдышүкүр ажы Нарматов сыяктуу нечендеген Кыргызстанда атагы чыккан аалымдар. Азыркы муфтияттагы башкаруучулардын алдыңкы эшолону ушул Университетти бүтүрүп кеткендиктен, диний чөйрөдө биздин дипломдор эң жогорку деп эсептелинет. Бирок лицензия алуу маселеси дале курч бойдон калуууда. Биз президентке чейин чыгып, мунун актуалдуулугун жеткирип, өлкөдөгү жападан жалгыз Ислам Университети болгондуктан пилоттук проект катары билим берүү министрлигине алынса деген ниет менен чуркап жүрөбүз. Анткени университетти 417 студент бүтүргөн болсо, алардын 15-20 пайызы гана диний чөйрөдө иштеп жатат. Калгандарынын баары соодагер, же дагы башка чөйрөдө оокатын кылып жүрөт. Экинчи билим алып, мамлекеттик кызматтарда иштеп аткандары да бар. Эгерде биз лицензияга ээ болуп, аккредитациядан өтүп алсак, алар өздөрүнүн алган билиминин негизинде мамлекетке иштеп бермек. Ошондо, бүтүрүүчүлөрүбүздүн 80-90 пайызы жумуш менен камсыз болмок.

## Бухучет, экономика, компьютер да окутулат

Окуу жайды бүткөн соң, студенттер тажрыйба топтоо максатында өзүбүздүн чөйрөдөгү казыяттарга жиберилет. Нарын казыяты быйыл 20дан ашуун бала талап кылып, мыктыларына жумуш сунуштоодо. Себеби диний сабатсыздык күч алып турган маалда, айылдарда молдокелер, имамдар жетишсиз учурда диний билими күчтүү адамга суроо-талап жогору.

Буга чейин бухучет, экономика, компьютер сабактарын киргизгенбиз. Эми быйыл орус тилдүү группа ачсакпы деген ниетибиз бар. Анткени биз кыргыз тилин канчалык даңктагандыбыз менен, арабызда орус тилинде сүйлөп, негизделип калган катмар бар. Орус группасын ачпасак, биз ошол катмарды эске албай койгон болот экенбиз. Анткени салафизм, вахабизм сыяктуу радикалдуу топторго агылып жаткан жаштардын көпчүлүгү орус тилдүү балдар. Аларга кыргыз эмес, орус тилдүү адамдар таасир этип жатат. Эгер биз орус тилдүүлөргө туура багытты орус тилинде көрсөтпөсөк, эртең радикалдуулук мындан да күчөп кетиши мүмкүн.

## Интернетти шейх кылгандар көп

Өлкөдө башка дагы теологиялык факультеттер көп. Бирок аларды бүткөндөрдүн 5 пайызы гана муфтиятта, мечиттерде имам болуп иштейт. Мен аларды жамандаган жерим жок. Мен ошол окуу жайларда окутулган сабак анын диний ишмердүүлүгүн алып кетүүгө толук кандуу жетиштүү эместигин айткым келип турат. Алар чыныгы диний чөйрөгө толугу менен сиңип кете албай жатат. Илимге дасыккан күчтүү кадрдын чыкпай жаткандыгы ошондо. А биз болсо ошол нерсени кайталабайлы деген ниетте турабыз.

Аалымдар кеңеши бүгүнкү бир гана күндүн келечеги менен жашабай, келечектеги максаттарды ишке ашыруунун жолдорун издеши керек болчу. Бирок коом чырмалышкан абалга такалып, диний чөйрө тушалып, бир жагынан радикалдуулук күч алып, экинчи жактан диний сабатсыздык жоюлбай, жаштарыбыздын арасынан интернетти шейх кылып, андан бирөөнү устаз тутуп, ал жердеги жалган фатваларга, ИШИМге чакырыктарга ишенгендердин катары көбөйгөндүгүнө байланыштуу аалымдар кеңеши ошону менен эле алек болуп калды. "Кантип биз мунун алдын алабыз, кантkенде биз ИШИМди кайтарабыз" деген суроонун үстүндө гана жүрөбүз. Негизи аалымдар кеңеши эмне менен алек болушу керек эле? Диний билим берүүдө биздин ордубуз кандай эле?





## Майда-баратка такалбасак

Диний жамааттар бар экени эч кимге жашыруун эмес. Биринчи топтун аалымынын айткан пикирин экинчи топтун аалымы колдобой коюп, жамаат аралык келишпестиктер болуп кетүүдө. Бирок, бул жамааттардын болгону табигый нерсе. Жамаат болбош керек деген нерсеге мен каршымын. Жамааттардын бар болгону Кудай Тааламдын берекеси. Инсандардын илимий негизде элдин келечеги деген маселеде талаш-тартышка түшкөндүгү Алла Тааланын берген белеги. Бирок бөлүнүп-жарылып: "Сен сакал койбойт экенсиң, же сен жеңи кыска киет экенсиң. Намазда сенин аркаңда турбайм, сени менен намаз окубайм" деп майда-барат нерсеге такалып, туура эмес атаандашуу болбошу керек. Анын арты диний касташууга алып бара турганы анык. Ага биз дагы каршыбыз. Аалымдар кеңеши ушундай түшүнбөстүктү түшүндүрүү үчүн бар. Кээде аалымдар кеңеши муфтияттан жогору туруп калат. Анткени биздин кеңеш, багыт бере турган да функциябыз бар. Бирок бир эле аалымдар кеңеши муну чече албайт экен. Анткени, бул маселени жапа тырмак, коомдук исламий жамааттар чечиши керек.

## Жок дегенде туура тамактанууну билсе

Пайгамбарыбыздын хадисинде "Жок болсун, динди катуу көрсөткөндөр", – деп айтылган. Бүгүнкү күндөгү радикалдуулукка пайгамбарыбыз өзү баш болуп каршы болгон. Бизде баштан эле диний сабатсыздык деген "боштук" бар. Анын ордун толтурганга биз жетишпей калдык. Анткени ал адамдын аң-сезиминдеги, жүрөгүндөгү боштук. Муну бала бакчадан баштап, эрезеге жеткенге чейин толтуруп турушубуз керек. Биз оорунун алдын албай, ал күчөп кеткенде гана дарылаганга аракет кылып атабыз. Ошондуктан жок дегенде 5-класстан баштап мектептерде ыйман сабагын киргизели. Ыйман, дин эмне экенин бала билсин. 11ди бүтүп жүрөгү катып калгандан кийин, таш боор болуп бүткөндөн кийин ыйманды, динди таңуулаган болбойт. Азыр 9-класстан кийин дин сабагын киргизди. Бирок 9-класстагы баланын аң-сезими эчак эле калыптанып калган. Аны өзгөртүү кыйын. Ыйманга баланы бала бакчадан тартып үндөш керек. Бакчадан мейли Куран жаттатпасын. Жок дегенде адал тамактанууну, айланага болгон мамилени, кадимки эле нанды оң кол менен жеш керек деген жөнөкөй нерселерди үйрөнсүн. Азыркы жаштарыбыздын кейиттерлик абалы – диний багыт туура коюлбай жатканынын кесепети.

## Светтик экстремизмге көңүл бурушпайт

Жалпы маалымат каражаттары дин маселесин туура эмес чагылдырууда. Мусулман деген, жоолукчан деген тема болсо болду, баса калышат. Аял бир баланы уурдап кетиптир өзү жоолукчан экен, радикал экен дешет. Чынында андай эмес, бул деген инсандык фактор. Ал жоолукчанбы, сакалчанбы айырмасы кайсы? Светтик радикализм деген жокпу? Жоолукчанды жумуштан айдаган светтик экстремизм эмеспи? Муну айтсаң, айткандын оозу жаман дегендей биз жаман көрүнөбүз. Кудайга шүгүр мусулмандар бүгүн акылдуу. Укугубузду талашканга илимибиз, кудуретибиз жетет деген ойдобуз. Бирок баары бир, биргелешип иш алып баруу, толеранттуу, сабырдуу болуу жагынан аксап атабыз.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Дин жана демократия: туруктуулук менен эволюция

Рашид Ганнуши жетектеген «Ан-Нахда» партиясы «Саясий ишмердүүлүк диний, социалдык жана кайрымдуулук иш-чаралырынан бөлөт. Дин саясатка аралашса, экөө тең жоголот. Дин саясаттын куралы болот, саясат өз максатынан тайыйт», - деген сөзү дүйнөдө жылуу кабыл алынган

## Динчилине жараша «демократы»

Демократия – эң көп жабыркаган, эң чаржайыт түшүнүлүп калган терминдерден. Демократияны улутчул, динчил жана бир беткей саясий түшүнүктөгү адамдар, же бузуку кумсарлардын жыргалы, же дүйнөлүк державалардын башка элдерди басып алуу, улуттук баалуулуктарды жок кылуу куралы катары түшүнөт. Кыскасы элди бузган, бөлгөн жана башаламандык жаратакан нерсе. Мунун баары демократияны көрүп, анын берекесин сезе баштаган жарандарыбыздын түшүнүгү менен тогошпойт. Бул сөз жана терминге түрдүү маани берилгендиктен, коомдо тирешүүлөр, кагылышуулар жана ажырымдар пайда болууда.

Парламенттеги жума намазынын убагында танаписти узартуу маселесинде сөздү туура эмес түшүнүп колдонуу көйгөйү оркоюп ортого чыга түштү. Гезит, радио жана теледе, айрыкча, интернеттеги коомдук тармактарда демократия, ачыктык, эркиндиктин чеги деген терминдерди түшүнүүдө өтө түркөй экенибиз билинди. Заманбап мусулмандар классикалык исламдык ой жүгүртүү кеңдигин өз короосунун алкагына чейин тарытып алганы көрүндү. Ага каршы чыккан светтик жана демократиялык түшүнүктөбүз деген тайпанын да өзүнөн башканы жек көрүп, жок кылуу сезимин камсыздаган советтик, большевиктик тондон чыга электиги ачык болду.

## Саясат менен конституция чектелүү

Саясат менен дин жана Ыйык Куран менен конституция салыштырылбайт. Булар бири-бири менен тең көрүлүп, салыштырылбачу түшүнүктөр. Дин жана Куран Жаратуучу тарабынан адамдарга сунушталган баалуулуктар бүтүмү. Конституция менен саясат белгилүү бир доор жана аймакта жашаган адамдардын тажрыйбасынын негизинде жазылган эрежелердин сакталуусу дегендик. Жогоркусу метафизикалык, төмөнкүсү физикалык дүйнөнүн «өндүрүмү». Бул түшүнүктөрдү Кудайга ишенгендердин да, динден узак же ишенбегендердин да салыштыруусу ката. Дин адам баласы жаралган убактан баштап бардык географияга жана Акыретке таандык болсо, саясий документтер чектелүү мамлекеттери элди кыска убакка башкаруу эрежелери. Ошол эле убакта демократияны да белгилүү бир процедура менен чектебеш керек. Мисалы, шайлоо бул демократиянын өзү эмес, анын иштөөсүнүн бир гана усулу. Демократия – чыгарылган чечим таасир берген ар бир жарандын аны кабыл алууга катышуусу дегендик. Ал кээде шайлоо, кээде кеңеш, кээде пикир талашуусу менен болот.

## Дин демократиянын жетекчиси

Түпкүрүнөн дин менен демократия бири-бирине каршы эмес. Диндин өзүнө ишегендерге койгон талаптары, эрежелери жана мыйзамдары бар. Алардын баары адамзаттын орток баалуулуктарына, дегеле адамдын табиятына каршы келбейт. Адам ишенсе да, ишенбесе да туулгандан баштап Жараткан тарабынан берилген укуктарга ээ. Орток баалуулук менен мүмкүнчүлүктөр бирөөнүн менчиги эмес, ошондуктан алар баарына ыңгайлуу жана адилеттүү бөлүнүүсү керек. Жеке бир пикир же көз-караштын үстөмдүгү эмес, акылдашып таймашуусу зарыл.

Демократия – адам коомунун өнүгүүсү менен бирге өнүгүп келаткан система. Байыркы гректердин элдик башкаруусу эбегейсиз өнүгүп, өзгөрдү. Айрыкча, акыркы 30 жылда ыкчам эволюция болуп бараткан система. Дин туура түшүнүлсө, демократиялык баалуулуктарды, элдик башкарууну жетелеп, жетектеп, эрезеге жеткирген кеңдик жана улуулукка ээ.

## Башкарууну таңуулаган мусулман жаңылат

Куранда да, Пайгамбарыбыз Мухаммаддын өмүр таржымалында да башкаруунун кандайдыр бир түрү айтылган эмес. Пайгамбарыбыздын доорунда ислам мамлекети деген түшүнүк болгон эмес. Пайгамбарыбыздан кийинки халифалардын бири кыйыр дайындалса, кийинкиси тандалып, үчүнчүсү шайланып атат. Бул тез өнүгүп, кеңейип бараткан мамлекеттеги бийликке келүү усулдары болгон. Эгер башкаруунун жалгыз эффективдүү формасы болсо, Жараткан менен түз байланышы болгон Пайгамбарыбыз ал тууралуу кенен маалымат калтырмак. Демек адамга коомдун өнүгүүсүнө жараша башкаруусун жакшыртуу жоопкерчилиги жүктөлгөн. Кайсыл бир мусулман же жамаат башкаруу сөзсүз мындай болуш керек деген болсо, заманбап коомдун эң оптималдуу башкаруусунун калыптануусуна тоскоол болот.



Рашид Ганнуши,
Тунистин «Ан-Нахда» партиясынын жетекчиси

Куран менен пайгамбарлык тажрыйбада баалуулуктарга, принциптерге басымдуулук кылынат. Адилеттүүлүк, бирдиктүү чечим кабыл алуу, сөз эркиндиги, башкалардын, азчылыктардын укугун сыйлоо, аларды колдоп гана тим болбой, коргой да билүүгө басым кылынат. Башкаруунун формасы, бийликке келчү топту жалпы элдик шайлоо алдыңкы демократиялык стандарттарга шайкеш болсо, Исламга каршы эмес, тетирисинче, Ислам колдогон баалуулук болот.

Эркиндик бул менин гана эркин болуум эмес, башкалардын да эркиндиги. Ошондуктан менин эркиндигим башкалардын эркиндиги башталган чектерге чейин, же алардын эркиндигине шайкеш эркиндик. Демек, сен башкалардын укугун, жашоо түшүнүгүн басмырлап, башкалардын көз-карашын эске албай, өзүңкүн таңуулай албайсың. Антсең конфликт чыгат, мусулмандар сунуштаган тынчтык, толеранттуулук, бирге жашоо мүмкүндүгү болбой калат. Муну Ислам дини кабыл албайт. Демек, сабырдуулук – өз ара түшүнүшүү менен баарына ыңгайлуу чечим чыгарууга кызыкдар болуу керек.

## Демократиянын үлгүсү болгон Тунис

Ислам дүйнөсү акыркы кылымдарда демократияга гана таандык делген, бирок исламдык принциптерге дал келген баалуулуктардан куру калган. Ондогон жылдарга созулуп кеткен Афганистандагы тынчсыздык мусулмандардын бири-биринин пикирин сыйлабай, араздашуусунан тутанган. «Араб жазы» аталып калган ыңкылап чынжырчасы биздин оорубузду ашкере кылды. Жакында эле Египетте болгон окуяларда «Мусулман бир-туугандар» жамааты менен салафийлердин «Нур» партиясынын келишпестигинен өлкө оор абалга келген. Түркияда да дини тууралуу тайкы түшүнүктө болгон адамдардан турган «Адилет жана өнүгүү партиясын» жетектеген Тайиип Эрдоган бир дагы альтернативдүү көз-карашты кабылдабай, элинин жик-жиктерге бөлүнүүсүнө себеп болуп турган чагы.

«Араб жазын» туура баамдап, эң ийгиликтүү натыйжага бара алган өлкө – Тунис. Бул өлкөнүн мусулмандары демократиянын нагыз түшүнүгүн баамдай алган. Мамлекетти туура нукка салып кеткен «Ан-Нахда» партиясынын жетекчиси Рашид Ганнуши мурунку бийлик учурунда куугунтукта болгон. Ал учурдун эң көрүнүктүү мусулман саясатчысы, ойчулу жана акылмандардын бири. Тунистеги биринчи демократиялык шайлоодо утуп чыккан бул партия менен анын лидери башынан түрдүү пикирлерге ачык экенин, аларды угуп, жүйөөлүүсүн сөзсүз колдошорун билдиришкен. Алар элдин тынчтыгы жана мамлекеттин бүтүндүгү сакталып калышы үчүн парламенттик көпчүлүк менен өзүнүн өкмөтүн дайындагандан эки жыл өтпөй өз өкмөтүн таркатып, кезексиз шайлоолорго барышкан. Мунун улуу кадам экенин бүт дүйнө баалады. Ганнуши бул кадамы менен Ислам менен демократияны эң жакшы түшүнгөн лидердин үлгүсүн көрсөтө алды. Кийинки шайлоодо уттурарын билип туруп мындай кадамга барган «Ан-Нахда» партиясы социалисттер жетектеген коалицияга кирип, өлкөнүн биригүүсүнө чоң салым кошкон. Андан кийинки эң чоң жетишкендиги бул ынтымактын негизинде кабыл алынган жаңы конституция болду. «Ан-Нахда» менен лидери «Ислам – Тунис мамлекетинин дини» деген берене тартышка түшкөндө да, Пайгамбарыбыздын Худайбия келишиминде «пайгамбар» деген сөздү өчүрткөндөй, «Тунистин ар бир жараны абийир эркиндигине ээ жана өзү каалаган динде боло алат» деген кошумча беренеге макул богон.

## Кыргызстандык мусулманга күмүш сырга

Кайсыл гана өлкөдө болбосун мусулман Ганнуши менен анын партиясынын акылмандуулугун үлгү кыла албаса, өз кызыкчылыгын гана жактайм деп атып, светтик көз караштагы адамдар менен эмес, өз ара тытышып кетери турган иш. Азыркы кездеги демократиялык баалуулуктар Ислам менен айкалышат. Биз да демократиянын Кудайга ишенүүгө ыктаган тарабына өз салымыбызды кошуубуз керек. Кыргызстан өз казанына кайнай бербей, дүйнөдөгү кубулуштарга көз чаптыруусу керек. Элүүгө жакын мусулман мамлекеттеринин ичинен ийгиликке жеткендери парламенттик демократиялык жолун тандап алган Малайзия, Түркия жана Тунниске окшогон мамлекеттер экенин көз жаздымда калтырбасак жакшы болот.

Сарессеп гезитинин
аналитикалык тобу

# Атагы таш жарган “Бөрүлү”

**Көк бөрүнүн тарыхында 5 жолу удаасы менен Президенттик кубокту багындырып, 5 жыл биринчиликти бербеген бир гана команда болду. Бул дээрлик 20 жылдык тарыхы бар легендарлуу Бөрүлү командасы. Убагында мыкты жетишкендиктерди көргөзүп азыркы күнгө чейин күйөрмандардын урмат-сыйына татыган атактуу Бөрүлүнүн багындырган ийгиликтери, жетишкендиги жана бүгүнкү абалы тууралуу команданын машыктыруучусу Кубатов Каныбек ага маек куруп берди**

## Бөрүлүнүн тарыхы

Команданы 1996-жылы биздин атабыз Кубатов Ыдырыс түптөгөн. 1998-жылы Болот Шамшиев, Темир Дүйшекеевдер көк бөрүнүн эрежелерин иштеп чыгып, туш-туштан командалар келип ойной башташты. Ошол кезде биздин айылда дагы күчтүү көк бөрүчүлөр бар болгондуктан, ошол оюнчуларыбыз өнөрүн көрсөтүшсүн деген максатта Бөрүлү айылынын балдарын чогултуп "Бөрүлү" деген ат менен чыгарышкан. Ошондон ушул күнгө чейин команда талбай баардык турнирге катышып келатат. Учурда командабызга Кубатов Касымбек демөөрчүлүк кылууда.

## Команданын өзгөчөлүгү жана ыкмасы

Биздин эң негизгиси өзгөчөлүгүбүз – командадагы балдардын баары Сокулук районунун Бөрүлү айылынын кулундары. Башка облустардан, эки жактан чогулбай, жалаң бир айылдын балдары ынтымактуу оюн көргөзүшөт. Балдар чогуу өскөнгө бири-бирин түшүнүп ойногону биздин негизги артыкчылыгыбыз. Ар бир команда сыяктуу эле оюндун алдында балдардын баары чогулуп машыгууну башташат. Оюн башталганда ар бир оюнга, ар бир командага атайы тактика түзүлүп, бардыгы дыкат каралып чыгат.

## Жылдызы жанып турган мезгилдер

2006-жылы эгемендүүлүк майрамынын урматына уюшулган Президенттик кубокто Казакстандан эки команда келген. Ошол маалда Кыргызстандагы бирден-бир мыкты делген команда “Аракет” командасы болчу. Ал убакта "Бөрүлү" алдыңкы саптагы командаларга кошула элек эле. Ошол оюнда биз “Аракет” командасы менен бир группада болуп калып, жарым финалда “Талас” командасын, “Аракет” командасы болсо Казакстандын командасын утуп чыктык. Ошентип финалда “Аракет” командасы менен жолуктук. Негизги убакытта 1:1 эсеби менен тең чыгып, кошумча 10 мүнөттүк оюнда Улан Насакеев аттуу оюнчубуз улак салып кетип 2:1 менен “Аракетти” утуп чыкканбыз. Бул ошол учурда чоң сенсация болгон. “Бөрүлү” командасынын эң биринчи Президенттик кубокту утуп алышы бирден-бир эсте калган жылдыздуу саат эле. Андан кийин командалардын баары бизге 5 жыл бою туруштук бере албай жүрдү. Катары менен 5 жолу Президенттик кубокту уттук, 2006-жылдан 2010-жылга чейин чемпиондукту берген жокпуз. Кайсы бир жылы Президенттик кубокто "Дордой" командасына 3:0 менен утулуп атканбыз. Оюн аяктаарына 14 мүнөт эле убакыт калган. "Дордой" командасын Аскар Салымбеков жетектечү. Ошондо ал киши “Болду, оюн тагдыры чечилди” деп кетип калыптыр. Андан кийин “Командаң 5:3 эсебинде "Бөрүлүгө" утулду” деген кабарды угуп, катуу таң калган. Биздин балдар 14 мүнөт ичинде 5 улак салып ийишкен. Ошол эле "Дордой" командасы 2010-жылы Ноорузда аябай күчтөнүп, ар кайсы командадан күчтүү оюнчуларды топтоп, "Бөрүлүнү" 10:0 менен утабыз деп келип, бизге 5:0 менен утулуп калган. Оюн бүткөндө келип: “2-3 командадан кошулуп барып ушундай эсеп менен утулгандан кийин силерге тең жок экен” деп өзүлөрү баа беришкен. Ошол убакта чынында эле, деңгээл чоң болуп турганбы, же бизге оомат ооп турдубу, айтор, ал кездери бизди чынында ута албай коюшту.

## Казак агайындардын чыры

2007-жылдары кайсы бир чоң турнирде 4 казак, 4 кыргыз команда келип оюн көргөздүк. Биз биринчи эле оюнда “Алма-Ата” командасын уттук. 2-оюнда “Чымкент” командасын жеңип чыктык. “Чымкент” командасы ошол мезгилде Казакстандагы командаларды каалаган эсеби менен утуп жүргөн бирден-бир лидер команда болчу. “Бөрүлүнүн” кийинки чечүүчү оюну Казакстандын “Ауле-Ата” командасы менен болмок. “Ауле-Атанын” оюнчулары силердин атыңардын такасы бар экен деген шылтоо менен ойнобой кетип калып, турнир аяктабай калган. Көрсө, “Ауле-Ата” командасы Казакстанда көк бөрү мектеби болгон команда экен. Бирок “Чымкент” командасы “Ауле-Атаны” чоң эсеп менен утуп жүрүптүр. Биз “Чымкентти” уткандан кийин, дагы чоң эсеп менен утулат экенбиз деп ушундай чыры ойлоп таап, ойнобой кетип калышкан. Эгер ошондо оюн болгондо “Бөрүлү” болгон казак командасын бүт утуп чыкмак. Андан кийин эле Казакстанда Асанбек Аскаровдун турнири болуп, бул жактан биз жана “Дордой” командасы бармай болдук. Жолдо бизди чек арадан тосуп алышып ар кайсы документ сурап, баландай документиңер туура эмес деп 1,5 сутка бою ошол жерде өтө албай турганбыз. Эртеси мына-мына улак башталат деген убак болуп калганда, жетишпей калганыбызга көзүбүз жетип, болду кеттик деп артка чыгып баратсак казактар кайра өткөрөбүз деп чалышты. Бирок аттарыбыздын баары 1,5 сутка бою туруп чарчаган, оюнчулар да эч жакка жатып эс алган жок. Ошентип биз барбай койдук. Бул казактар тараптан кимдир бирөөнүн атайын жасаган бут тосуусу эле. Ошондо бизди жөн эле өткөрүп коюшканда жакшы оюн көргөзүп келмекпиз деп ойлойм. Анткени ал мезгилде биздин команда баралына келип турган учур болчу.







## Атактуу оюнчулар жана аттар

Борбиев Калмурза деген оюнчубуз башынан капитан болуп чыккан. Андан кийин Урмат Чамканов деген балабыз жакшы оюн көргөздү. Бекбердинов Эмил деген улакчыбыз Президенттин кубогун жеңгенибизде капитан болуп турган бала. Андан кийинкилерден Айбек Эсеналиев, Улан Насакеев деген жигиттерибиз азыркы убакта Кыргызстан курама командасынын мүчөлөрү. Мирлан Сраждинов, Борбиев Нурадил, Саманчиев Радмир, Кушчугулов Самат деген оюнчуларыбыз да мыкты. “Бөрүлү” атактуу болуп турган кезде командада жаман ат деген жок болчу. Бүт 12 ат, 12 оюнчу тең мыкты болгон деп ойлойм. Ал кезде ортонун аттары күчтүү болчу. Бизде мурунураак Полковник деген атыбыз бар эле. Ал аргымакты Молдомуса Конгантиев полковник болуп жүргөн кезинде алып берген. Андан кийин генерал болгондо алып берген атка өзүбүз “Генерал” деп ат коюп алганбыз. Бул ат азыркы убакка чейин жүрөт болуш керек. Кийинчерээк Казакстанга сатылып кеткен. Мальчик деген атактуу атыбыз менен Мирлан Сраждинов бири-бирине төп келишип турчу. Мирлан бул атты кенедейинен баштап өзү үйрөтүп алган. Андан башка ат минсе баш бербей кетчү. Мальчик бир оюнда башынан жүгөнү шыпырылып кетип, ошол бойдон тайказанга барып улак салган. Өзүбүздүн айылда машыгууда жүргөндө да Мирлан тайказанга келгенде жүгөнүн шыпырып салып, улакты алып жүгөнү жок жүрө берчү. Мальчик өзү бош коё берсен деле казанды издей берген ат болчу. Кээде өзүбүздүн казанга барып калган маалда улак салып ийген убактары да болгон. Мальчик оюндан чыгып калгандан кийин балдарыбыз Самурай деген атты үйрөттү. Бул аттын өзгөчөлүгү – улакты алып алгандан кийин оодурбайт, жакшы чуркайт. Азыркы аттардан Улар деген атыбыз Кыргызстандын намысына жарап жүргөн аргымактардын бири. Улар чабуулдун аты, катуу ылдамдыкта барып казанга токтоп берет. Буллитке да ылайыктуу. Бул ат көчмөндөр оюндарында кыргыздын намысын коргойт.

## Алсырап кетүүнүн себеби

Азыркы мезгилде мыкты оюнчулар жана аргымактардан түзүлгөн “Сары-Өзөн”, “Достук”, “Талас” командасы алдыңкы 3 команда болуп турат. Чынында буларды “Кыргызстан 1”, “Кыргызстан 2”, “Кыргызстан 3” курама командасы деп койсо болот. Мына ошондой жалпы Кыргызстан боюнча мыкты оюнчулардан куралган командаларга бир айылдын балдары туруштук бериши кыйын болуп турат. Спортто ар бир баланын өз мезгили келет. Көп оюнчуларыбыздын жашы өтүп, ордуларына жаңы жаш балдар келди. "Бөрүлүнүн" алсырап кетишинин эң негизги себеби – муун алмашты жана аттарыбыз начарлап кетти. Азыр биз мындайча айтканда убактылуу пауза алдык.

## Алтын доорго кайтуу

“Сары-Өзөн” командасы эки оюнчубузду 1 жыл бизге ойноп беришсин деп сураганынан, 2 мыкты улакчыбызды контракт менен берип койгонбуз. Азыр командада лидерлерден Эсеналиев Айбек эле калды. Учурда жалаң 94-97-жылкы жаш балдар менен ойноп атабыз. Кудайга шүгүр, жакшы эле. Бир айылдын балдары ар тараптан чогулган курама командаларга толук туруштук бере албасак да, артта калып калбайлы деп жан-талашып ойноп жатышат. Кеткен балдарыбыз жазында Нооруз турниринен баштап өзүбүзгө кайра келет. Буюрса, аттарды оңдоп, жакшылап дайынданып алып мыкты оюн көргөзсөк болот. Мурдагы деңгээлибизге келип калышыбыз толук мүмкүн. Кудай буюрса, ийгиликтер дагы алдыда деп ойлойм. Спорт бир жерде эле тура бербейт эмеспи.

РАХМАТ АКМАТОВА

# Табыт



Чоң атамдын узунча келген боз табыты бар эле. Аны качан, эмне үчүн жасатканын билбейм. Бир билгеним көптөн бери урунуп жүрчү. Өзү тыттын жыгачынан кынаптап жасалган тартайган ookат. Чоң атам аны дайыма жасап-түзөп, кырып-кыпчып таза кармаганы менен, негедир көзгө комсоо көрүнүп, жүрөктүн үшүн алат. Айрыкча, үйдүн алдындагы табыт турган кепеге киргенде үрөйүм ого бетер учуп, чыкканча шашчумун.

Андан да жаманы, күн кур эмес, ал тургай бир күндө эки-үч жолудан ар кандай адамдар келип, чоң атамдын табытын сурап кетишкени болчу. Шаардын биз жашаган аймагында бир гана биздин үйдө табыт болсо керек. Алар келип короого кирери менен эмнеге келгени кебетелеринен байкалчу. Адатта андай адамдар ашыкча кеп-сөзү жок, үңкүйүп кирип, үңкүйүп чыгып кетишер эле. Ал тургай анча-мынча көзү жашылданып калгандары да кыйла кездешчү. Кыскасы, алардын келиши менен биздин үйдү да кандайдыр бир кайгынын аптабы уруп өтчү.

Бара-бара келген-кеткендерди карап отуруп, шаар эли четинен түгөнүп бараткандай да сезилчү болду. «Мына бүгүн да бирөө өлүптүр» дечүмүн табытка келгендерди кайгылуу карап отуруп. «Деги элге эмне болду? Күнүгө бирөө, кээде экөө...» деп жаным кейичү.

Анткени менен бул көрүнүшкө чыдабай, жаны ачып жүргөн мен эле эмесмин. Өзүмдүн атам дагы табытты көргөн сайын кежигеси кер тартып, ачууланып кетмейи бар. Бирок, айла жок да, табыт өз атасыныкы болгон соң катуу айта албайт. Кээ-кээде гана чыдабай кеткенде күңкүлдөп сүйлөнүп алганы болбосо...

- Ой атам ай, деги соот табууга башка нерсе калбай калды беле бул жалганда?.. – деп бурк этчү ал. Чоң атам болсо анын минткенин деги чымын чакканча көрчү эмес. Өз оокатын кылдыратып отуруп шашылбай гана жооп берип койчу.

- Эмне болмок эле, балам? Килейген короонун эч ким баспаган жеринде турат, тыпыйып.

- Ооба, аны батырбай атканыбыз жок деңизчи. Бирок, ушу...

- Ии, эмне ушу?

- Түрү суук болуп атпайбы ата! Эртең эле сен да өлөсүң дегенсип турат го анын!

Чоң атам мында деле кебелчү эмес. Мурутунан гана жылмайып алып баягы айта жүргөн сөзүн таштап койчу.

- Коркпо балам, зыяны жок. Өлүмдү эстей жүргөндүн зыяны тийбейт. Анын үстүнө ушул аймакта көзгө басар табыт да ушул болуп жатпайбы...

Адатта кеп ушуну менен ада болчу. Атам кызындап ачууланып турса да, айла жок карманып басып кетээр эле. Чоң атам болсо анысын көрбөгөндөй, кудум эч нерсе болбогондой мемиреп отуруп ишин кыла берчү.

Элдин керегине жараган соң боз ала чаң болуп, кээ бир жаандуу күндөрү шалтактаган баткак болуп келген табытын таптаза кылып жууп, жарылып кетпесин деп бапестеп көлөкөдө кургатып, анан кайра ордуна койчу. Кээде, калпыс урунуп коюшабы, же жөн эле эскирип бараткан жерлерин жаңылап коюшум керек дейби, айтор, бөкчөңдөп жүрүп кычык-кучуктан, короонун кырларынан, түркүктүн түптөрүнөн бир-эки карыш таап келип, аттиштин алып бекитип калчу. Андайда улам бир туткасын тартып көрүп, тактайларын каккылап көрүп бир далай отурчу да, качан баары чыкыйып бекемделди дегенде гана короонун күн да тийбеген, суу да өтпөгөн жерине кынаптап, кырдап коёр эле. Ооба, кайра эле кимдир бирөө сурап кетмейин бул табыт ошондой обочо жерде бөтөнчө буюмдай кастарланып турчу.

Анткени менен атам да ошол бойдон жөн кала албайт. Бир күнү ал шашпай отуруп, түшүндүрүп көрмөй болду.

- Атаке, табыттын бизде болгону жакшы эмес го дейм. Үйдө бала-бакыра бар дегендей, – деди ал. Бирок чоң атам ага деле муюган жок.

- Жакшыбы, жаманбы аны өзүң бил, балам. А адам баласы сен каалаcaң да, каалабасаң да бир күнү бул жарыктыктан кете берет. Элдин керегине жарап турган ооқатты жаман деп айта албайм. Мен эртең өлүп калсам эмне кыласың? Эки тактайды чүргөй салып узатаман жаткызып, алпарып көмүп таштайсыңбы?!

Кызыгы, атам шашылбай, кечке жүйөөлөшө турган болуп келгенде чоң атамдын ачуусу келип, кызаңдап сүйлөтпөй салар эле. А эгер атамдын ачууланып турганын көрсө, ал кайра шашпай гана сүйлөп отуруп, жинин какчу. Мына ушундай ыкмасы менен далайга баласына моюн бербей, табытын кастарлап урунуп жүрдү.

Кээде чоң атамдын табытын жууп-тазалап, сырдап отурганын көрүп «Чоң атамда жүрөк деген калбай калган го?» - деп ойлончумун. Дайыма өлгөн адамдар жаткан, дайыма мүрзөгө барып келип турган нерсени ушунча убакыт кармалап, сыйпалап отурганы мени укмуш таң калтырар эле.

Ошентип, убакыт өтүп жатты. Жаз өтүп, жай келди. Жай кетип, күзгө ордун таштады. Дүпүйгөн бактардын саргарган жалбырактары кудум акыркы ирет күнгө какталып, акыркы ирет жарык дүйнөнү көрүп калгысы келгендей бутактарына бекем жабышып, өлүмдөн бир аз мөөнөт тилегендей дирилдей жандалбас кылат. Ошондой күндөрдүн биринде атам сырттан кызуу болуп келди. Негедир ачууланып, туталанып алган. Түз эле табытка барып калдырата сүйрөдү да, отун керткен тушка барды. Ал жерде чоң атам дайыма кайрап, кол тийсе шылып түшчүдөй жалаңдатып койчу балта дөңгөчкө чабылып турчу. Шадылуу колу менен ошону бир силкип жулуп алып, табытты ары-бери койгулап балжа-булжа кылып таштады.

Мен болсо бир чети ичимден кымыңдап, бир чети эми эмне болор экен дегендей үрпөйүп берээкте карап турам. Чоң атам адатынча аттын ээр-токумун кармалап, бирдемесин жамап-жазгап далисте отурган. Капилет карса-курсту угуп тура келген экен. Бирок, ал убакта баары кеч болуп калган. Таш-талканы чыккан табытты буту менен нары шилеп аткан атамды бир карады да:

- О атаңды, арам сийдик!.. – деп алып кайра басып кетти.

Башка эч нерсе деген жок. Кайра барганында эмне болгонун, кандай абалда калганын билген жокмун. Ошол билбей калганыма да шүгүр...

Ошентсе да табытка келгендердин изи көпкө сууган жок. Баягыдай эле үңкүйүп, маанайы жок келген адамдар биздин "Табыт жок" дегенибизди укканда ого бетер баштары салбырап, ого бетер түнөрүп кайра тартып жатышты.

Алардын андай абалы чоң атамды да кыйла кыжалат кылар эле. Атама ачуусу келип туталанып отуруп, өз бөлмөсүнө кирип жок болчу.

Ошондон көп өтпөй сакалы куудай агарып, жашы кыйлага барып калган чоң атамды да оору басты. Ушуга чейин баландай жерим ооруду, түкүндөй жерим сыздады дебей, тыным албай кыймылдап тың жүрчү жарыктык, бир заматта шайы кетип, төшөк тартып жатып калды. Акыры жедеп алып кетип, дааратканага да чыга албай калганда кайтып бутуна турбасын түшүнгөн атам «Көзү барда көрүп кеткиле" деп тууган-туушканга кабар айттырды.

Туура эле болжогон экен. Алыс-жакын тууган чогулуп, эми учурашып үлгүрүп калган күнү бул жалган менен кош айтышты.

Эсимде, коңур күздүн салкын тарткан кечке маалы болчу. Эртең түшкө жуук сөөктү акыркы жайына узатабыз деп турушкан. Камбылсынган атам эртең жуп жөнөйбүз дегенде дүрбөп калбайлы деп инисин чакырып, табыт керек экенин билдирди.

Ошентип табыт издемей башталды. Жашыраак агаларыбыз бирде тигил жакка чуркап, бирде бул жакка чуркап жок издеп калышты. Унаасы барлар унаасы менен кетти. Телефону барлар телефон чалып жатышты. Түн бир оокум болгонго чейин табыты бар болушу мүмкүн деген кишинин баарынын эшиги кагылды. Бирок бирөө да жолдуу келген жок. Баары тең колун куушуруп, эмне кыларын билбей кайтып жатты. Ичимен "Эмне чоң атама окшогон жандар калбай калганбы? Же бул түрү суук немеге күн түшөрүн баары унутканбы?" деп ойлоп жаттым. Таң атканча издешти, же бир майнап чыксачы.

Кудай ургурдуку, килейген шаарда табыт жок деген эмне?!.

Качан таң агарып, эл туруп калганда эшиктин алдына кимдир бирөө машинеси менен пайда болуп:

- Эй, бир-экөөң бери келчи, – деп калды. Барсак машинасынын артында тактайлары жешилип, зым-зуму үзүлгөн, ийреңдеген эски мыктары саргарып дат баскан шалдыраган табыт жатыптыр. Түндөн бери карайлап таппай, айлабыз кетип турган жаныбыз ушуга да шүгүр деп, жеңилдеп калдык.

Ошону менен а бу дегиче күн көтөрүлүп, жаназа окулду. Артынан эле казганактаган эл менен сөөктү табытка салып, мүрзөнү карай бет алдык. Чынында, буга чейин бул жолдон далай өткөм. Бирок ушул убакка чейин мынчалык эски, мынчалык тарпы чыккан табыт көргөн эмесмин. Кайч-куйч этип шалактаган, бир аз тереңирээк арыктан аттай койсо ортосунан чорт сынып кетчүдөй болгон араң жан неме элдин ийнинде эптеп эле кетип бараткансыйт. Буга чейин табытына чаң жугузбай, ар бир мыгын, ар бир зымын этият караган чоң атам мына азыр эски табыттан тура калып:

- Ай, балам! Балка-салка алып келе калчы. Мобуну оңдоп таштайын, - деп ийчүдөй болуп бараттым. Атам болсо ого бетер башын жерге салып, баягысын эстеп, беймаза болуп бараткандай.

Которгон АЗАТ ЖАПАРБЕК

# Кыз жаманы – кыроо, келин жаманы – кетпес кесел

Байыртан эле дүйнө элдеринин тарыхында ата-энени кадырлоо, сыйлоо калыптанып калган көнүмүш адат сыяктуу. Кезеги келгенде адам баласынын сапары карып, алдан тайый турган кези келет экен. Карылык – адам баласын мажүрөө кылган курак тура. Жаш баладай жардамга, кароого, багууга муктаж болуп калат. Айтайын дегеним, кыргыз тумушундагы кутман карылардын абалы тууралуу болмокчу



### Мени Нижне-Серафимовкага жеткирип койгулачы

"Беш кол тең эмес" дейт элибизде. Кээ бир карыларыбыз кутман курагын бакытка чөмүлө жашап жатса, тилекке каршы, айрымдары турмуштан мөгдөп аянычтуу абалда өмүрүнүн соңуна тартып баратышат. Же жаратылыш ушундайбы, же ыймайы качкан келин-уул, кыз-күйөө таш боорбу, же турмуштун этикалык категориясы ушундайбы? Айтор, айрым бир карыларыбыздын өмүр соңундагы кейиштүү абалын көргөндө карегиңде жаш тегеренет. Бул тууралуу кыргыз публицистикасында нечен ирет кеп болгонун да тана албайбыз. Кечээ – жакында бир байбиченин "Мени Нижне – Серафимовкага жеткирип койгулачы. Өз балдарыңан, өз жакындарыңдан кордук көргөнчө, бөтөндүн кордугун көрөйүн" деп эси жок келининин жоругуна, чечкинсиз уулунун кайдыгерлигине күйүп турганына күбө болдум. Нижне-Серафимовка кадимки эл акыны Шайлообек Дүйшеевдин "Кайдыгерлигинде" карылардын карыптыгын даңазалаган атактуу айыл. Атын атасаң куту сүйүнбөйт, тескерисинче денең дүркүрөйт. Ошол жерге суранып турган карыны көргөн болсоң, кандай абалда калар элең, замандашым. Өмүрдөгү мындай эпилогго ким күнөөлүү? Балдарын ташбоор кылып тарбиялап койгон карынын өзүбү, же ата-эне кадырын сезбеген жаштарбы, болбосо бир пикирди конкреттүү карманбаган идеологиясы жок чаржайыт системабы? Баары бири-бирине чынжыр менен байланган сыяктуу. Бул көйгөйдүн үстүндө балким көптөгөн доорлордо жашаган адам тукуму башын ооруткандыр. Бекеринен элдик акылмандуулуктун үлгүсү деп саналган элдик оозеки чыгармачылыкта түрдүү тарбиялык мааниси бар жомоктор, икаялар эленип отуруп бул күндөргө жетпегендир. Ошондой икаялардын бирин мисал келтире кетели.

### Икая

Байыркы жоокерчилик заманда биримдиги жок кокту-колоттук, уруулук саясат менен жашаган элибизде мындай бир окуя болот. Кемпир менен абышканын таалайына бүткөн, медер туткан жалгыз уулу болот. Кадимкидей куда түшүп, калыңын өткөрүп көздөп жүргөн жеринен келин алышат. "Кыз кезинде баары жакшы, жинди катын кайдан чыкты" дегендей бара-бара келиндин өнөрү чыгып, кайната-кайненесине оңдуу мамиле кылбай, өзгөчө кара ниет чыгат. Уулу менен атаэнесинин ортосуна далай ирет от жаккanga аракет кылат. Уул келинчегин кетирип жиберейин десе ортодо чырактай болгон балдары бар. Бирок ата кадырын, эне урматын билген уулга келинчегинин сыры маалым болуп, эки ортодо акыл менен иш кыла турган болуп, аялынын чагымынан ата-энесин коргоп жүрөт. Картайганда кичи бала эле болуп калат да. Күндөрдүн биринде мекен чегин душман кайрып, жалпы курал кармап, атка минген эр-азаматтар жоонун мизин кайтарганы аттанып чыгышат. Алиги жигит "Жалгызым" деп буркурап узатып чыккан ата-энеси менен алпейим коштошуп, аялын өзүнчө чакырып мындай дейт: "Сен мен келгенче бул экөөнү жакшы деле караба, булардын болгону эчкинин жашындай эле жашы калды. Эт салып бышырсаң, этин бербе. Тезирээк өлүшөт. Ошондо булардан кутулган болсуң. Болгону көбүрөөк талкан берип, сорпосунан гана ууртатып кой. Макулбу?", – дейт. Арам ойлуу сүйүнүп: "Макул" дейт. Ошону менен жигит көпчүлүк менен бирге атын алкынтып майданга жүрүп кетет. Ошентип жигиттин үйүндө майда балдары менен кара ниет аялы, карыган ата-энеси калат. Айткандай эле келин эт салса, карыларга этин бербей, балдары менен өзү жеп, талкан менен сорпону гана берип багып отурат. Мындан келин семирип, ал эми абышка-кемпирдин жүзү тамылжып кадимкисиндей тыңып калышат. "Эт –этке, сорпо –бетке" деген накыл сөз ошондон калганбы? Ким билет? Алдуу – күчтүү келин заар тилин агытса да, карылардын ден соолугу жакшы болот. Болгону уулунун аман-эсен келишин Кудайдан үмүт кылышат. Арадан убакыт өтүп жеңиш салтанаты менен эл уулдары үйлөрүнө кайтышат. Келсе, ата-энеси аман-соо, балдары чоңоюп калган. Аялы да кичине жумшара түшкөндөй. Адам өлүмү менен коштолгон согуш бардыгынын жан дүйнөсүн тазалайт. Өмүргө бир келип кете турган конок экендигин, бул өмүрдүн сыноо экендигин келинчегине түшүндүрүп: "Бул дүйнөдө менин жандай көргөн асылдарым – ушул адамдар! Бул экөөнөн башка менин кимим бар. Сен экөөбүз да кайсы бир күнү ушулардай болуп карыйбыз. Мени менен жашай турган болсоң, ата-энемди чын дилиңен сыйла, болбосо жолуң ачык", – деген экен.

### Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону кыласың

Бул сыяктуу жомок-уламыштар элибиздин сыр сандыгын ачканда четинен төгүлөт. Үй-бүлө институту мамлекеттүүлүгүбүздүн эң негизги рычагы болгону жалпыбызга белгилүү. Бардык нерсе үй-бүлөдөн башталат. "Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону кыласың", – деген кеп бар элибизде. Үй-бүлөдө баары жакшы болсо, мамлекетибизде туруктуулук болот. Үй-бүлө башчыларынын учурда коомдук функциясы өтө зор. Үй-бүлө ээси балдарды тарбиялоодо, билим берүүдө, ата-энесине камкордук көрүүдө жогорку руханий байлыктын ээси болгонго аракет кылышы керек. Өзгөчө кыз балдарды тарбиялоодо энелер өрнөктүү болуусу керек. Себеби коомду тарбиялай турган адамдар булар энелер. "Кыз жаманы – кыроо, келин жаманы –кетпес кесел" деген сөз тегин жерден чыкпаса керек. Кыздын жаманын күйөөгө берип кутуласың, ал эми келиниң жаман болсо адам өмүр бою кутулбайсың дегенди туюнтат бул формула. "Келин жаман эмес, келген жери жаман" деген да кеп бар. Жакшынакай тарбия көргөн кызды келин кылып алгандар да келинин күтө албагандан келип чыккан кеп бул. Үй-бүлө курууда өзгөчө этияттык керек. Сыртын карап сүйүүгө мас болбой, тек-жайын, ыйманына, диндарлыгына карап үйлөнүү керек. Дин десе айрым өтө светтик болуп кеткен эже-байкелерибиз айбалтасын көтөрүп чыгышат. Чыныгы диндар үй-бүлөдө тарбия алган уул-кыз эч качан карыган ата-энесин көп көрбөйт. Тескерисинче, өмүрү өткөнчө сыйлап, өлүп калса кадырлап көтөрүп барып көөмүп коёт. Көп учурда маселе материалдык муктаждыктарга барып такалып жатат. Материалдык көйгөйлөрдү чечүү учурунда адамдар адамдык парасаттан кечип кетип жаткан учурларды көрүп жүрөбүз. Көпчүлүк азыр "Заман бузулду. Рынок системасы баарыбызды кокодон алды. Акча жок" деп наалышат. Таштандыга нандар ыргытылып жатат. Бирок өзүн көрбөсөк да, жазуучуларыбыздын реалисттик маанайда жазылган китептеринен улуу Үркүндүн каардуу элестерин унутпаган чыгарбыз. Ошондо да эл ажал гана ажыратпаса, карысын, балдарын ач бел куу жонго калтырып кетпегени эсиңиздерде болсо керек...

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

## Акылдуу чечим



Кудай деген бир адам тогуз жолдун тоомунда зикир чалып отурган экен. Ошентип отурса бир адам болгон күчү менен жанынан жүгүрүп өтүп баратып:

– Ой, тууган менин аркаман бейбаштар кууп келе жатышат. Жетсе эле мени талканымды чыгарып, сабаганы турушат. Бул жерден мени көрдүм дей көрбө. Мени сата көрбө, – деп кыйкырган бойдон андан ары чуркап жөнөйт.

– Өзүм Кудай десем, көргөндү көрбөдүм деп эми буларга кантип калп айтам. Кантип муну сатпай коё алам, – деп ойлонуп калат. Тентектер жүгүрүп келишип:

– Эй, киши, сен бул жерде далайдан бери отурганыңды билебиз. Жаныңан бир киши чуркап өткөн жокпу, – деп сурашат. Тигил акырын ордунан козголуп, жогору көтөрүлөт.

– Мен бул жерде какайып тургандан бери эч ким жүгүрүп өтө элек, – деп акылдуу жооп узаткан экен.

# Жылдызга карап ооз бекитүү деген жок



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!

***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**1) Орозо учурунда какырыкты жутуп алса ооз ачылбайбы?**

**Жооп:** Какырыкты жутуп алуудан ооз ачылбайт. Шилекейди жутуп алуудан да ооз ачылбайт. Түкүрүктү жутуп алуудан да ооз ачылбайт. А бирок, оозуна шилекейин топтоп жутуп жибере турган болсо, макрух болгону менен орозосу бузулбайт.

**2) Орозо тутуп, күндүз кечке уктаса болобу?**

**Жооп:** Казанчынын өз эрки кайдан кулак чыгарса. Уктаса деле болот. Бирок, касиеттүү күндөрдү уйку менен эмес, таат-ибадат менен өткөрсө жакшылардын жакшы адатына жабышкан болор.

**3) Гинекологко барган аял кан тамырга ийне сайдырып, тампон койсо ооз ачылбайбы?**

**Жооп:** Ийне сайдыруу аттуунун баарынан ооз ачылбайт. Тампон деген нерсенин бир учу сыртка чыгып турса оозу ачылбайт.

**3) Орозо тутуп, бирок кыйналып иштесең болбой калабы, же кыйналып иштесең да орозо туткан жакшыбы?**

**Жооп:** Орозодо баары эле кыйналат. Ошого жараша сооп берилет. А бирок, кыйналуу оорулуу болуп калууга алып келе турган болсо, анда ооз ачып алууга уруксат берилет. Качан кыйынчылык кеткенде орозосун күнүнө күн кармап берет.

**4) Оозду өз убагынан кеч бекитсе эмне болот? Бирок асманда жылдыз бар болот.**

**Жооп:** Кээде таң аткандан кийин да жылдыздар жымыңдап тура берет. Айтор, шариатыбызда жылдызга карап орозо кармагыла деген маани жок. Ооз бекитүүнү убагына карап аткаруу этиеттик болот.

**5) Орозодо косметика (памада, крем) койсо болобу?**

**Жооп:** Зыяны тийбейт. Орозо бузулбайт.

**6) Орозо кармаган адамдын алдында тамак жесе күнөө болбойбу?**

**Жооп:** Күнөө деле болбойт. Болгону адепсиздик катары бааланат. Орозо кармаган адамдын ичтейин ачып, анын орозо кармоосун кыйындатып жибере турган болсо макрух болот.

**7) 5 айлык баласын эмизбей, сүт менен баккан аялга орозо тутуу милдетпи?**

**Жооп:** Кандайдыр бир себептерден улам баласын эмизбей калган аялзаты орозодон бошотулбайт. Кармоосу милдеттүү болот.

**8) Балдарымды өөп-жыттасам оозум ачылбайбы?**

**Жооп:** Жок. Орозо бузулбайт. Жыныстык козголууну шарттай турган болсо макрух, эгерде шахваты козголгондон улам гусул ваажып болуп кала турган болсо, ошол күнкү орозосу бузулат. Каза кармап берүүсү милдеттүү.

**9) Орозо өзү кимдерге парз?**

**Жооп:** Мусулман, ден-соолугу жол берген, сапарда эмес, айыз-нипас көрбөй турган, балагатка жеткен ар бир мусулман эркекке жана аялга парз.

**10) "Маджалис рамадан" деген китепти окуса болобу?**

**Жооп:** Болот. Мындай темадагы китептер бир кыйла. Анализдеп окусаңыз жакшы эле болот. Башка жамааттын китептерин окуганда салыштырууга туура келет. Ошондо орошон акыйкат ортого чыгат.

**11) Москвада орозо 19 сааттан ашык кармалат экен. 3 жерде иштейм, жумушум оор, же тобокел кылып кармай берейинби?**

**Жооп:** Карап көр садагасы, колуңдан келсе карма.

**12) Орозодо баш жууп, көлгө түшсө, тиш жулдурса болобу?**

**Жооп:** Бардыгы болот. Болгону көлгө түшкөндө оозу-мурдуңду этиет карма. Суу кирип кетсе орозо бузулат. Каза ваажып болот.

**13) Гусулу жок адамдын колунан тамак жесе намаз кабыл болобу?**

**Жооп:** Колун жууган болсо боло берет. Гусулу менен болгону жакшыраак.

**14) Орозодо шайтандар байланат дейт. Адамга кирип алган үч тамгалуулар да байланабы?**

**Жооп:** Орозодо шайтандын чоңдору байланат. Майдалары шуулдап иштеп турушат.

**15) Дааваттан сакал коюп келдим. Жумушка барсам сакалыңды алып кел деп чыгарып коюшту. Башка жумуш таба албай жатам. Эмне кылсам болот?**

**Жооп:** Сакал сүннөт, адал ырыскы таап балдарды багуу парз. Парз менен сүннөт бири-бирине каршы келсе, сүннөт ташталат.

**16) Кулагым ооруйт. Кулак, мурун, кекиртектин тамыры бир болгондуктан, кулагым ооруганда жагымсыз нерсе кекиртегиме түшүп турат. Ооз беките берсем болобу?**

**Жооп:** Болот. Зыяны тийбейт.

**17) Эртең менен ооз бекитпей (эч нерсе жебей) орозо кармаса болобу?**

**Жооп:** Макрух болуу менен болот.

**18) Баш кийим (топу) кийүүнүн өкүмү кандай? Бул тууралуу хадис барбы?**

**Жооп:** Сүннөт менен адептин ортосунда. Пайгамбарыбыз алайхис саламдын баш кийимчен жүргөнү көп риваят кылынат.

**19) Таравих намазындагы тасбих чогуу айтылабы же бир эле адам айтабы?**

**Жооп:** Ыктыярдуу. Кандай кылса да жараша бере турган оокат.


**20) Москвадан Бишкеке машина менен жолго чыккан учурда ооз бекитип алсам болобу? Бирок канча убакыт орозо кармап калам билбей жатам.**

**Жооп:** Кыйналып баратсаңыз ачып алсаңыз да болот. Мусаапырларга уруксат берилет.

**21) Жоолук салынып намаз окубаган, намаз окуп жоолук салынбаган кыздын ортосунда сооп жагынан айырмачылык болобу?**

**Жооп:** Болот. Кагазга оролгон конфет менен, кагазы түшүп калып, чимели кумурска басып кеткен конфеттей айырмасы бар. Соопжагына келсек, бири парзын аткарбаган үчүн күнөөкөр болсо, экинчиси парзын аткарган үчүн соопко ээ болот.

Даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

НУР CATERING

1 кг. аш 900 сом

*Адал, даамдуу* жана *арзан* тамак жеткирип берүү кызматы!

*Шорпо, Солянка, Рагу, Тефтель, Ганфан, Долма, Лагман, Дымдама, Куурдак , Аш, Манты, Котлет, Бифштекс, Гуляш гарнирлери менен* 99 сомдон

0 558 70 50 66

БИШКЕК ШААРЫ БОЮНЧА ЖЕТКИРҮҮ АКЫСЫЗ

MAGNAT ТАКСИ

1496

0772 89 55 77

Жарыя! Жарыя!

Учурда Бишкекте "Магнат" такси кызматы жаңыдан ишке кирди!

Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77

БАШТАЛЫШЫ




АР БИР ЧАКЫРЫМГА




Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!

# Пародалуу кумурскалар

Кумурзстанда ар түрдүү пародадагы кумурскалар көп кездешет. Айрыкча, эң эле пародистүү кумурскалар данекбаштар, манекбаштар жана башка куртка минерлер. Мисалы, данекбаштардын арасында уя багытындагы кумурскалар бар. Булар, бир кирип алган уясынан такыр чыкпай тургандар. Тээ данекбаш болгонго чейин кайда барбасын «бизге берилген уяларды кайра кайтарып беребиз» деп келишти эле, бирок данекбаш болору менен кирген уяларынан сүйрөтүп да чыгара албай жатышат. Андан кийин «попули» багытындагы кумурскалар бар. Оо мындайлар өтө көп. Эки жакты карап тыңшап отурушат дагы, бир нерсени угары менен кыйкырып чыгышат. Андан сырткары, «пофуги» багытындагылар бар. Анан азыркы тапта «Балык ооз» пародасындагы кумурскалар Жогорку Данекте өтө көп кездешет дешет. Бирок булар да ич ара «акула», «пиран», «кит» деп үчкө бөлүнөт. Көрсө булар дайыма унчукпай отурганы боюнча окшошкону менен, алдынан чыкканды жеп-жутуп жиберүү жаатында таптакыр окшошпойт экен. Мисалы «Акула» багытындагы данекбаштар майлуу нерсени тынымсыз шимшилеп, издеп жүрүп табат экен. Ал эми пирандар майлуу жерден карыш да жылбай күтүп отурушат. Андай данекбаштардын алдынан чыккылык кылбасын. Бир заматта талап-булап, жиликтеп жеп кетишет. Кит багытындагылар болсо эч нерсени ылгабайт экен. Алдынан чыкканын акыр-чикирине карабай жутуп жиберишет дагы, керектүүсүн алып калып, суусун чыгарып койот имиш.

Мындан башка куртка минер кумурскалардын арасында «өзү тутпас», «өзү жатпас», «жатып ичер», «суу жукпас», «сатынды» аттуу пародалар да бар. Булардын арасынан акыркы күндөрү эң белгилүү болгондору «өзү тутпастар». Айрыкча быйылкы жылдын жаанчыл болушу менен алар коом арасында байма-бай кездешчү болду. Артынан бирөөгө жалбырак карматып коюп кайкайып турган кумурска көрсөң эле даана



роо билесиң, бул – «өзү тутпастар».

Мына ушундай укмуш пародалар бар. Баса акыркы убакта булардан башка да парода пайда болду. Булар «көгүлтүр» кумурскалар. Өздөрүн деле акылдуу, деле заманбап сезген немелер. Куйруктарын бураңдатып, көкүлдөрүн сыраңдатып эркек туруп ургаачы шекилденген эмелерди Жогорку Данекте да колдоп-буттап жиберчүлөр аз эмес.

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ

# УЗАК ЖОЛ



**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

Мен таятамкынан кеткенде туура Кызыл-Кыяга бардым. Элебес ушул жерде жолчу. Чоң-Ташка барбай, туура Кызыл-Кыяга эмне үчүн кетип баратканыбызды Элебес жолду ката мага мындай деп түшүндүрдү:

— Сен баягыда таятаңдыкына кеткенден кийин, силердин үйдү Кызыл-Кыяга көчүрүп алып, бүгүн таштап, жетимдерди биздин үстүбүзгө кийрип алганбыз. Азыр баарыбыз бир үйдөбүз. Эми ошентип оокат кылбасак болобу...

Кызыл-Кыя деп кадимки атактуу Каркыра жарманкесинен элүү чакырымдай бери, бир чоң ашууну айтат. Караколдо, Жаркент, Кулжа, Нарынкол — баарынын аралыгындагы түйүшкөн жери — Каркыра.

Кызыл-Кыянын түбүндө жайдыр-кыштыр козголбой жети-сегиз түтүн кедейлер отурат. Буларды «жолчу» дейт. Падыша өкмөтү буларды ар кайсы болуштан милдеттүү кылып жыйнап алган. Жолчулуктун мөөнөтү бери болгондо төрт жыл. Бирок ушулардын ичинде он жылдан бери турган жолчулар да бар. Өзү жайлоо мисалдуу жер. Кышында кардын тереңдигинен жолго орноткон карагайларга киречилер көчүгүн коюп, попорос тартар эле. Ат жолдон чыкты жок: кур этип тереңге кетет.

Ушу жерде дагы бир-эки түтүн орус бар. Булар жолчу эмес. Бири Башарин деген бир чоң бай. Мунун Кызыл-Кыяга келип түшкөнүнө көп жыл болсо керек. Бул тууралуу кыргыздар «башында жалгыз арабалуу аты менен келип, акиташ бышырып сатып, ошондон уланып, байыган адам...» деп кеп кылуучу. Жылыга жетимиш-сексен уютуйт. Элебестин келини Жанымжан ушунун уюн саайт экен.

Кызыл-Кыя өрөөнүндө булардан башка да ар кайсы коктуда, сайларда бал челек салган, мал кесибин кылган бирин-серин орустар болот. Деген менен бул өрөөндө Башаринден ашып түшкөн бай жок.

Жалгыз гана Каркырадан отуз чакырымдай бери, Кызыл-Кыядан ары — Кутурган булакта «почточу Метирей» деген чоң көпөс бар. Метирейдин бул жердеги жайынан башка жана Караколдо, Түптө бирден үйлөрү болучу. Мунун аттарын жолчулар алыстан таанышат. Тетигиндейден келе жатканда «тиги Маңкашка, тиги Чабдар ат» деп турушат. Мунун Кутурган булакка жай салып, почто тартып турганына да кыйла заман болгон экен.

Жолчулардын кесиби болсо жолдун ташын терет, бузулган, суу жеген жерлерди, көпүрөлөрдү оңдойт; кыш болсо бирден чолокторун арнап, байлап коёт да, кезек менен Кызыл-Кыядан почто чыгарышат. Артыкча кышкысы кыймат. Кышында жолчулар түн баласында жарытып уйку көрбөйт. Нечен бир карлуу бороон, калайман түндөрдө почто келип калып, жылуу төшөктөрүнөн атып туруп, уйкулуу көздөрү менен чананын (почтонун) алдына чолокторун кошуп алып, жөнөгөн күндөрүн сураба... Эгер почто келип, жетер замат жолчулар даяр болбосо, же ашууга барганда аттары тартпай калса, почтодо отуруп бараткан төрөлөр жолчуларды омбу карга будалап, тепкилеп көп бергүчү.

Ошондуктан, эзелтен жүрөк үшүп жалкотой болгон кургурлар не бир бороондогон айсыз караңгыда, сак жаткан кулактар алда кайдан ызылдап келе жаткан коңгуроонун дабышын уга коюп, төшөктөн ыргып туруп, бүлүк түшүп калар эле...

Мен Кызыл-Кыяга барганда атам төшөктө жаткан экен. Оорусу кыйын. Иштин түбүнө жаңы түшүндүм. Мени таятамдыкынан алып келген себеби да ушул көрүнөт. Атам адегенде мени тааныган жок окшойт. Үңүрөйгөн терең кабагынын алдындагы алсыз көзү менен бир топко мени тиктеп туруп-туруп:

— И, сен белең! — деп койду да жөн болду.

Деги таятамдыкынан келгенге жараша мында чекем жылый турган жер көрүнбөйт! Атам көр оозунда турганынан капары жок, Эшпай көз жашын көлдөтүп кардым ачты деп ыңылдап тамак сурап отурат. Береги кишиден калган бир жарманын түбүн шыпкап ууртап, ырсыйып Ашымкан карындашым отурат. Айтор, бул үй отунсуусуз бир жерге жаңы көчүп түшкөндөй жутаңкы. Ошого жараша да киши-кирим бүлөлүү болсокчу. Жалаң биз, атамдан башкабыз күчүктөй чубурган алты жетим. Эми Бейшембинин балдары канча! Бейшемби — Элебестин жалгыз уулу, отуздан аша берген, суюк сакал, кыр мурун, узун бойлуу, кара жигит. Мунун үч баласы бар.

Ушинтип, эки үйдүкүн кошкондо жалаң чөбүрө балдар ондон ашык. Койчу эми, бир үйдө каптаган он төрт киши болдук да калдык.

Көп узаган жок, атам өлүп кетти. Бул момураган бир жумшак түн эле. Биз төшөккө жаңы жатканбыз. Уктап кетсем керек, бир кезде күтпөгөн жерден:

— Оо, тумшугу жоктор тургула! —деген Бурмакенин күндөгүдөн бөтөнчө ачуу дабышы менен селт ойгонуп кеттим.

Баарыбыз уйпаланып, кайра турдук. Үй чуулдап калды. Ошондо кайдан жеткенин билбейм, айтор, уйкулуу көзүбүздү ача электе бир катын жетип келип, Беккул экөөбүзгө бирден таяк берип, эшикке жетелеп чыкты да:

—Ме, мына муну таянып алып, көзүңөрдөн кан чыккыча ыйлагыла, шордуулар,— деп үйдүн жанында бөйрөгүн таянып, өкүрүп турган Бейшембинин катарына саптап, тургузуп кетти.

Беккул колундагы таягынан узун эмес. Ал да көндү. Бирок жарытып үнү чыкпайт. Мен, оболу элди тыңшап алдым. Бейшемби «эсил кайран бир боорум» деп жатат. Мен «эсил кайран атакем» деп кирдим. Аңгыча Беккул да мени туурап өкүрө баштады. Ошондо мен экөөбүздүкү бир сөз болуп калганына намыстанып, эл өкүрүп бир пас басыла калган кезде, Беккулга бурулуп, жыңайлак бутун тиктеп туруп...

— Сен кишини ээрчибей, өзүңчө таап өкүр,— дедим. Таң атып калган. Ошол кезде төмөн жактан топ кишинин өкүрүгү чыкты. Ордубуздан тура калып, биз да жамырадык. Ошондо Беккулду тыңшасам дагы эле «эсил кайран атакем» деп жүрөт. Токтой калып бурулдум да:

— Өзүңчө сөз таап ал дебедим беле,— деп уруша кетим. Ошенткенде ал токтой калды, мен кайра өкүрүп кирдим.

Байкай албай калдым, айтор Беккул дагы мени туурап жаңкыдай болду. Бирок бул жөнүндө мен жаңылганымды кийин билдим.

***

Биздин айыл Серкенин кашаасында. «Серкенин кашаасы» дегенибиз: айланасы жүз саржанча келген бир таш короо. Буга көп заман болсо керек: четинен урап, бузулуп калган. Көлөмү кенен, бир теше бар. Бул короону башында ким салганын жана качан салганын ушул күнгө чейин анык билбеймин. Бирок ошол кезде бирөөлөр: «Илгери бир заманда бу жерди калмактар мекен этип турган экен. Алардын бир нече миң серкеси болуптур. Кашааны ошо салдырыптыр. Тегерегиндеги аңдар болсо, жоокерчилик заманында казылса керек...» дечү. «Серкенин кашаасы» деген ат ошондон калган имиш.

Өзү Түп суусунун боюнда мелтиреген талаада, жолго жакын. Ары-бери өткөн киречилер ушул жерде отурган жолчуларга түшүп, самоор койдуруп чай ичип өтүүчү. Жолчулардын кыштоолору ушул жерден көрүнүп турат, арасы тай чабым жер.

Бир күнү кечинде, тыштан отун кертип жатып, Жанымжан:

— Апей, эне! Баягы Урманбет келетат,— деди.

— Эмине дейт? — деп үйдөн Бурмаке күңк этти.

— Мына, келип да калды.

Эми Урманбет ким экенин билмек болдук го. Менин чоң атамАлымбектен тарагандар бешөө. Алардыжашына карай баш ылдый айтканда мындай болуп чыгат: Барктабас, Баалабас, Элебес, Эстебес, Элебай. Барктабас менен Эстебес мен төрөлө электе өлүптүр. Барктабастан тукум жок. Эстебестен Урманбет, Турдумамбет деген эки бала калат. Атасы өлгөндөн кийин Урманбетти менин атам, Турдумамбетти Элебес асырап алат. Турдумамбеттин аты жаңы туулганда ушундай деп коюлганы менен аны элдин баары «Бечел» дечү. Анткени, маалынан өткөндөн кийин эки жыл бечел калыптыр. Ошол себеп менен түбөлүк аты «Бечел» болуп кала берет. Урманбеттин элден безип кеткенине быйыл үч жыл.

***(уландысы бар)***

# Тереӊ уйкуда жаткан Муфтият

«Убагында айтылбаган кептин атасы өлөт» дегендей, керектүү убакта керектүү уюмдун керектүү пикирин айтпай коюусу оор залакага себеп болот. Ошондуктан, бул жумалык достук нукумга Муфтият татыктуу болду



## Алыскы туугандын кызык күйүтү

Ыйык Куранда "Бузуку кабар алып келсе, чын-төгүнүн териштирип кой" деген мааниде аят бар дешет. Өткөн жумадагы Чубак ажынын кезектеги чуусуна жума намазы тууралуу мыйзам себеп болду. Аны «жинди суу менен ооз бекиткен» делген депутаттардын бири Орозонун ыйык күнүндө Жогорку Кеңештин тиешелүү комитетине суна салган экен. Мунусу саясий популизм экени аз келгенсип, билип кылдыбы же билбестиктенби, айтор, провокаторлук да болуп калды. Кудай жалгап, жаман көрүнгөндөн коркпогон Ажобуз өз учурунда өзүнүн позициясын так даана билдиргени, тез эле маселенин солгундашына, суушуна алып келди. Саясий нуктан эл башчысы катары өз позициясын көрсөттү, бирок диндик тараптан жоопкер болгон институттар дагы өз учурунда эң таамай пикирин көрсөтсө болмок.

## Кыргызстан радикалдардын өлкөсү окшойт

Депутат Жанар Акаев менен Чубак ажы мыйзам боюнча өздөрүнүн пикирлерин айтышып, коомчулукта, өзгөчө интернеттеги коомдук тармактарда жаакташуу жана кызуу талкууга себеп болду. Бир жак өзүнүн диндик негиздеги жеке көз карашын айтса, экинчи жак ошол эле диндик негизде мыйзамдын жана конституциялык укуктардын, жалпы демократиялык тажрыйбанын негизинде өзүнүн пикирин ортого салды. Бирок ошол талаш-тартышта өздөрү жана жакынкы тарапташтары каалабаган сөздөр менен ой-пикирлер айтылып кетти. Натыйжада, мындай дискуссияга даяр эмес коомдо дин феномени абдан опурталдуу нерсе экени билинип калды. Талаш-тартыштардан светтик менен диндик, улутчулдук менен кайдыгерлик радикалдуулугун көрө алдык. Дээрлик бардыгынын так маалыматы болбосо да, баары тең сүйлөй салуу укугуна ээмин деген түшүнүк бар. Негизи кыргызда саясат менен динге тиешелүү маселеде эмнени болбосун сүйлөй берсе боло берет деген түшүнүк калыптанып калган сыяктуу.

## Эт менен челдин ортосунда калган Муфтият

Чын-чынына келгенде жума күндөгү түшкү танаписке бир саат кошуу маселесин түшкү тамакты сөзсүз жайбаракат отуруп, биринчиси менен экинчисин жеп бүткөн соң, чайын шоркуратып ичиш керек деген адамдар көтөрөт окшойт. Демек кеп намазда эмес, түшкү тамакта. Антпесе жума намаздын парзын бир саатта окуй коюу ташбакадай кыймылдаган адамга деле кыйын эмес.

Каалаган каалаганын сүйлөсө боло берет деген абалдан чыгуунун жолуна ошол маселени жакшы түшүнгөн же билген инситуттардын багыт берүүсү маанилүү. Дин феномени алдыга чыгып атканда, Муфтият заматта эле шарияттын жана мыйзамдардын негизинде өз позициясын билдирсе, бул талаш-тартыштын тутануусун алдын алат эле. 9-июнга чейин өз пикирин билдирүүгө да ооз бекитип алгансып унчукпай, өз позициясын билдирбей коюусу баш аламандыкка, пикирлердин кагылышына, орой ойлордун айтылышына себеп болду. Тарыхтын тилкесинде өтө маанилүү учурлар болот. Ошол маанилүү процесстерде тиешелүү уюмдун учурунда пикир айтып, керектүү иш-чараларды кылуусу маселени туура нукка салып кетүүгө себеп болгондой эле, кээде өзүнүн кылыш керек болгон ишин кылбай, айтыш керек болгон пикирин айтпай коюусу дагы чоң залакаларга алып келет. Ошондуктан, бул жумалык чымчымда муфтият чымчыла турган бир позицияда болуп калды. Бир туугандыктын, ыраттуулуктун, толеранттуулуктун, өз ара түшүнүүнүн, кечиримдин айы деген Орозо айында коомдун ажырымына себеп болгон Муфтияттын чабалдыгынан мусулмандар руханий жаракат алып калды. Биз акыйкаттын, чындыктын айтылышынан креслобуздун сакталышын артык көрө турган болсок, акыйкат көз жаздымда калып калат. Түшүнбөгөндөрдүн талаш-тартышынын айынан коомдо түшүнүксүз маселе пайда болот.

## Наадан же уятсыз адам Куранды курал кылат

Биз светтик мамлекетте жашап жатабыз. Баарыбыздын орток мыйзамыбыз болгон Конституциябызда "светтик өлкө" деген негиздеме берилген. Бул жерде биз макул болгон, баарыбыз добуш берген орток келишим бар. Ушул келишимдин негизинде жашоо зарыл. Эгер кандайдыр бир түшүнүк бул келишимден сырткары болуп атса, демек убакты-сааты келгенде, мыйзамда каралган жолдор менен аталган келишимдин керегесин кеңейтүүгө аракет кылуу керек. Динге жарашпаган күч колдонуу, басмырлоо, башка адамга акараат кылуу, анын ишенимине, намысына доо келтирүү деген түшүнүктөрдөн узак болгон мыйзамдуу укуктарды колдонсо туура болот. Биз акааратты, башкасынын намысына жана жашоосуна доо келтирген сөз жана аракеттерди эркиндик деп албашыбыз керек. Алар – кылмышка тете нерселер. Имам Шафи "Менин туурам ката болуп калышы мүмкүн сыяктуу эле, сенин катаң туура болуп калышы мүмкүн", – деген экен. Башкача айтканда, абсолюттук тууралык меники гана деп айткысы келген жок. Эгерде мени көндүрө турган аргументтериң менен келсең, ага макул болууга даярмын дегендик. Бул динди курал катары колдонбогон, туура түшүнүк. Тарыхый тажрыйба жана ар түрдүү түшүнүктөрдүн орток келишими дайыма башкалардыкы да туура болуу мүмкүнчүлүгүн эске алган жөнөкөйлүктө өнүгөт. Биз тарыхтагы диний экстремисттер кылгандай, Курандын барактарын жебебизге ороп, аны адам өлтүрүүгө колдонбойлу. Курандын 1000 аргументинин арасынан бир аргументти алып, калган 999ун көрмөксөн болбош керек. Куранды жеке жана кыска мөөнөттүү өз кызыкчылыгына колдонуу коркунучтуу экенин Ыйык Китебибиз эскерткенин унутта калтырбайлы, урматтуу Муфтият.

АЛИАСКАР САГЫМБАЕВ

